


## Калдыктуу бөлүүнү текшерүү




Калдыктуу бөлүүнү текшергенди үйрөнөбүз.

85 : 15 = 5 (калд. 10) Текшерүү: 1) 10 < 15, 2) 15 · 5 + 10 = 85.

19 : 20 = 0 (калд. 19) Текшерүү: 1) 19 < 20, 2) 20 · 0 + 19 = 19.

1. Калдыктуу бөлүүнү аткарып, текшер.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 50 : 15 | 89 : 22 | 100 : 30 | 57 : 42 | 25 : 26 |
| 18 : 27 | 75 : 18 | 76 : 20 | 28 : 17 | 9 : 13 |

2.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $a$ | 72 | 72 | 72 | 72 | 72 | 72 | 72 |
| $b$ | 2 | 3 | 4 | 6 | 8 | 1 | 72 |
| $a : b$ | 36 | 24 | 18 | 12 | 9 | 72 | 1 |

3. Бала үйдөн мектепке чейинки жолдун жарымын 15 мүнөттө басып өттү. Калган бөлүгүнө 6 мүнөткө ашык убакыт сарптаган. Ал жолго бардыгы канча убакыт сарптаган?

4. Аянты 4 см² ге барабар болгон квадратты чий. Анын төрттөн бир бөлүгүн боё. Аны түрдүү жол менен көрсөт. Канча квадраттык сантиметри боёлгон? Боёлбогон бөлүгүнүн аянты канча квадраттык сантиметрди түзөт?

5.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45 : 15 | 78 : 6 · 3 | 100 − 2 · 18 | (34 + 36) : 10 |
| 99 : 33 | 51 : 3 · 4 | 100 − 3 · 18 | (75 − 33) : 3 |
| 80 : 16 | 84 : 4 · 3 | 100 − 4 · 18 | (82 − 16) : 33 |

6. Көп бурчтуктардын жактарын миллиметр менен чене. Ар биринин периметрин тап.

7. 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 сандарынын бирин да кайталабай колдонуп, кошуу амалынын жардамы менен 100 саны келип чыккандай кылып, 4 санды түз.

Калдыктуу бөлүүнү текшер.

65 : 20 = 3 (калд. 5) 39 : 12 = 3 (калд. 3)

## ЭМНЕНИ БИЛДИК. ЭМНЕНИ ҮЙРӨНДҮК ?

**1.** Калдыктуу бөлүүнү аткар.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 : 6 | 30 : 8 | 41 : 7 | 46 : 9 | 39 : 10 |
| 7 : 8 | 40 : 7 | 65 : 9 | 46 : 8 | 48 : 10 |

**2.** 1) 2 ге; 4 кө; 9 га; 15 ке бөлүүдө кандай калдыктар калышы мүмкүн?
2) 6 га бөлүүдө калдыктар 5; 6; 7 болушу мүмкүнбү?

**3.** 1) Бөлүүчү — 10. Тийинди — 3. Бөлүнүүчүнү тап.
2) 72 жана 8 сандарынын тийиндисин 3 кө кичирейт.

**4.** 37 ге бөлгөндө калдыгы 5; 3 болгондой 3 санды жаз.

**5.** 86 кубикти коробкаларга 10 дон салып таңгакташ керек. Канча коробка керектелет? Канча кубик калат?

**6.** Китепкананын окуу залына 8 жаңы стол, 32 отургуч, ал эми экинчи залга 2 жаңы стол, 48 отургуч коюшту. Берилген шарт боюнча түрдүү туюнтмаларды түзүп, ар биринин маанисин түшүндүр.

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 99 : 3 | 56 : 7 · 9 | 36 : 2 + 72 | (86 − 30) : 8 |
| 75 : 5 | 54 : 9 · 6 | 48 : 3 + 14 | (78 − 50) : 7 |

**8.** 1) Сүрөттө көрсөтүлгөндөй төрт бурчтуктарды чий. Аларды тик бурчтукка толуктап чий.



2) Алынган тик бурчтуктардын аянттарын тап.
3) Бул тик бурчтуктардын периметрлерин тап.

КӨБӨЙТҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ТОПТО:





САН КАТАРЫН УЛАНТ:

[:]

| | | |
|---|---|---|
| 8 | → | 0 |
| 5 | → | 1 |
| 6 | → | 2 |
| 7 | → | 3 |
| 10 | → | 2 |
| 14 | → | 2 |
| 15 | → | 3 |
| 20 | → | □ |
| 19 | → | □ |
| 17 | → | □ |



**9.** Үч ак койдон бир жылда, ар биринен бирдей салмакта, бардыгы 18 кг жүн кыркып алышты. Аларга караганда кара койлордун ар биринен 1 килограммга аз жүн алынса, беш кара койдон канча килограмм жүн алууга болот?

**10.** Калдыктуу бөлүүнү аткар.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 : 7 | 50 : 9 | 61 : 7 | 48 : 20 | 14 : 30 |
| 8 : 6 | 40 : 9 | 84 : 9 | 56 : 10 | 8 : 10 |
| 5 : 8 | 30 : 9 | 70 : 8 | 32 : 20 | 9 : 12 |

**11.** 1) 10го бөлгөндө калдыгы 2; 4; 0 болгондой үч санды ата.

2) 6га бөлгөндө калдыгы 9 болушу мүмкүнбү?

12ге бөлгөндө калдыгы 11; 13; 10 болушу мүмкүнбү?

3) 5ке; 8ге; 3кө; 12ге бөлгөндө кандай калдыктар калат?

**12.** 1) 56 жана 42 сандарынын айырмасы алардын суммасынан канча эсе аз?

2) 56 жана 42 сандарынын айырмасы алардын суммасынан канчага аз экенин бил.

**13.** Бак тигүүгө □ алма дарагынын көчөтүн даярдап коюшту. 5 катардын ар бирине 16 түптөн алма отургузгандан кийин дагы канча көчөт калды? Шартын толуктап, маселени чыгар.

**14.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45 : 15 | 91 : 13 · 4 | (32 − 16) · 4 | 15 − 8 · 0 |
| 72 : 12 | 60 : 15 · 9 | (46 − 21) · 3 | 14 · 1 − 14 |
| 54 : 18 | 70 : 14 · 8 | (30 − 18) · 7 | 0 : (13 − 6) |

15. Сүрөттөн тик, тар, кең бурчтарды тап. Алардын номерлерин жаз.




16. Калдыктуу бөлүүнү аткар.

36 : 7  44 : 5  60 : 8  80 : 12  44 : 18

17. 8 ге бөлгөндө калдыгы 5; 6; 2; 0 болгондой үч санды жаз.

18. Зымдан жасалган ар бир жагынын узундугу 9 см болгон үч бурчтуктан жагы 7 см болгон квадрат формасындагы рамка жасоого болобу?

19. Сууда сүзүү боюнча жаш спортчулардын 100 метрге жарышуусунда Кубатка аралыктын төрттөн бирин, Витяга бештен бирин сүзүп өтүү калды. Алардын кимиси марага канча метрге жакын калды?

20. 7 м 8 дм ○ 78 дм  95 см ○ 8 дм 9 см
6 дм 5 см ○ 7 дм  18 мм ○ 1 см 8 мм

21. Кайсынысы чоң, канчага чоң?

45 : 9 же 42 : 6?  8 · 8 же 9 · 7?
18 : 2 же 27 : 9?  56 : 7 же 24 : 6?

22. 72 : 4  51 : 17  98 : 14  99 : 9 + 32 : 2
96 : 3  54 : 18  84 : 12  96 : 8 + 75 : 5

23. 1) Сынык сызык узундугу 3 сантиметрден болгон бирдей төрт муундан турат. Сынык сызыктын узундугун тап.
2) Узундугу ушундай эле болгон муундарынын узундуктары бирдей жана ар башка үч муундан турган сынык сызыктарды чий.

24. Дептерге 2 тик, 2 кең, 1 тар бурчтуу беш бурчтук чий.

25. Барабардык туура болгондой кылып, карточкалардын ордун алмаштыр.

6 4 : 2 = 4 9

26. Берилген фигуранын аянтын ар түрдүү жолдор менен тап. Көрсөтүлгөндөй фигураны чийип, симметрия огун жүргүз.



## ЭСЕПТӨӨЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

Ар бир адамга күн сайын практикалык маселелерди чечүүгө туура келет. Мисалы, поездге кечигип калбаш үчүн, же жөнөө убактысын көпкө күтпөш үчүн, үйдөн бекетке саат канчада чыгуу керек экендигин аныктоо керек. Ашканада тамактануу үчүн каражатыңа чактоо керек. Тигүүчү кийимди кандай бычып, кандай тигүү керектигин же кездеменин өлчөмүнө жараша аны сарамжалдуу пайдаланууну ойлойт. Үйдүн чарбасын мыкты жүргүзгөн киши үй-бүлөнүн кирешесин, кандай чыгымдар болорун ар дайым эсепке алып турат.

Силер күнүмдүк турмушуңарда кандай практикалык маселелерге дуушар болосуңар? Мисал келтиргилечи.

Келгиле, маселе түзүп, аны чыгарып көрөлү. Сабакка кечикпей келиш үчүн, үйдөн чыгуу убактысын аныктоо керек. Маселеңерди айтып бергилечи. Сабак саат 8:30 да башталары белгилүү, үйдөн чыгуу убактысы белгисиз. Таблицага жазабыз.

| Сабактын башталышы — 8:30 | Жакын | Алыс |
|---|---|---|
| Мектепке келүү убактысы | 8 саат 20 мүн | 8 саат 15 мүн |
| Жолго короткон убакыт | 15 мүн | 30 мүн |
| Үйдөн чыгуу убактысы | 8 саат 5 мүн | 7 саат 45 мүн |

Биз эсептөөлөрдү жүргүзүүдө аралыкты гана (мектептин кире беришинен класска чейин, үйдөн мектепке чейин) эске алып, эки жооп алдык. Маселенин шартында дагы эмне өзгөрүшү мүмкүн, жоопторду эмне өзгөртөт? Эсептөөлөрдү жүргүзүү маселелери эмнеси менен айырмаланат? Маселенин суроосуна берилген жооптор шартындагы белгилүү нерселердин туура тандалышына көз каранды.

**Эсептөөлөрдү, мүмкүн болушунча, так жүргүзүү үчүн эмнени билүү керек:**

- почта аркылуу катты, куттуктоо үчүн ачык катты, маанилүү документти жөнөтүүнүн баасын;
- бир нече оюнчуктан, китептен, момпосуйлардан, ороп таңуучу кагаздан турган белектин баасын;

- жазгы каникул учурунда окуш үчүн мектептин китепканасынан кандай китеп тандоо керектигин.

Н. Н. Носовдун «Мишанын боткосу» аңгемесин, С. В. Михалковдун «Ач көз Вартан» (армян элинин жомогу) ырын окуп, алардын каармандары эсептөөлөрдү жүргүзө турган маселелерде кандай каталарды кетиришкендигин айтып бергиле.

Өзүңөрдүн жакындарыңардан (үй-бүлөңөрдөн, туугандарыңардан, тааныштарыңардан) эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн кандай маселелерди чечүүгө туура келерин, аларды чечүүдө кандай кыйынчылыктарга дуушар болушарын, эсептөөлөрдү туура жүргүзүү үчүн маалыматтарды кайдан алышарын билгиле.

«Эсептөөлөрдү жүргүзүү маселелери» долбоорунун үстүндө топ менен иш алып баруу максатка ылайыктуу. Иштин жүрүшүндөгү натыйжа — башка топто түзүлгөн жана чыгарылган маселени талкуулоо (чүчүкулак менен). Жыйынтыктоочу натыйжа — эсептөөлөрдү жүргүзүү маселелеринин картотекасын түзүү, маселелердин шартын толуктоо менен чыгаруу таймашы. Долбооруңардын темасын так аныктап, аткарылуучу иштерди бөлүштүрүп алгыла (ким кандай маалыматтарды, кайсы мөөнөткө чогултат, маселени ким түзөт, ким чыгарат, маселени ким жасалгалап, чыгарылышын жазат).

**Долбоорлордун темалары:**

- Аптанын күндөрү боюнча мектепте өткөргөн убакыт. Анын ичинде кошумча сабактарга, ийримдерге, секцияларга катышуу ж. б. у. с.
- Бир аптанын ичинде үй жумуштарына кетирген убакыт (үй жумуштарына жардам берүүгө, үйдө багылып-өстүрүлүүчү жаныбарларды, өсүмдүктөрдү кароого сарпталган убакыт).
- Бир айдын ичинде эс алууга (сейилдөөгө, саякатка, театрга, музейге, китеп окууга, телевизор көрүүгө) кеткен убакыт.
- Саякатка, театрга, музейге, шаардын сыртына же шаарга чыгууга кеткен акчалай чыгымдар.
- Сатып алуулардын санын жана баасын эсептөө:
  — батирдин бир бөлмөсүнө чапталган туш кагаз;
  — эки башка бөлмөнү оңдоп-түзөөгө сарпталган плинтус (изкут) жана бордюр;
  — жыгач буюмга корогон лак (текче, дубал такта, столдун үстү).
- мектептин спортзалындагы спорт буюмдары ээлеген аянтты, дене тарбия сабагында залдагы бир кишиге туура келген аянтты эсептеп чыгаруу.

1. Данияр сүрөттө көрсөтүлгөндөй шахмат тактасын жасамак болду. Анын ар бир чакмагы — 1 см$^2$.



1) Ага жагынын узундугу 1 дм болгон квадрат формасындагы картон жетеби?

2) Андан канча квадраттык сантиметр картон ашып калат?

3) Үч катардагы, жети катардагы чакмактардын жалпы аянтын тап.

4) Аянтын эсептеп чыгарбай туруп, ак жана кара чакмактардын аянттары тууралуу эмне деп айтууга болот? Түшүндүр.

2. Полго кайсы фигуранын көлөкөсү түшүп жатканын аныкта. Фигуранын жана анын көлөкөсүнүн номерлерин жаз.



# 1 ден 1000ге чейинки сандар

## Номерлөө



1 бирдик



1 ондук
10 бирд. = 1 онд.



1 жүздүк
10 онд. = 1 жүзд.



1 жүздүк — **жүз**
2 жүздүк — **эки жүз**
3 жүздүк — **үч жүз**
4 жүздүк — **төрт жүз**
5 жүздүк — **беш жүз**
6 жүздүк — **алты жүз**
7 жүздүк — **жети жүз**
8 жүздүк — **сегиз жүз**
9 жүздүк — **тогуз жүз**
10 жүздүк — **миң**

**Эмнени билебиз:**

- 101 ден 1 000 ге чейинки сандар кайдайча келип чыгарын жана кандайча аталарын.

**Эмнени үйрөнөбүз:**

- үч орундуу сандарды түзгөндү, жазганды, окуганды жана салыштырганды, аларды разряддык кошулуучулардын суммасы менен алмаштырганды.




10 бирд. = 1 онд.

10 онд. = 1 жүзд.

10 жүзд. = 1 минд.

**САН КАТАРЫН УЛАНТ:**

□ : □

| | | |
|---|---|---|
| (10) | → | 0 |
| 11 | → | 1 |
| 12 | → | 2 |
| (15) | → | 0 |
| 19 | → | 4 |
| (20) | → | 0 |
| 23 | → | 3 |
| (30) | → | □ |
| 37 | → | □ |
| 41 | → | □ |

Окуу китебинин мурунку бетиндеги сүрөт боюнча жүздүктөрдөн миңди кантип алууга болорун айтып бер.

Бирдиктер менен болгон амалдар кандай аткарылса, жүздүктөр менен да ошондой эле аткарылат.

**1.** 8 жүзд. + 1 жүзд. 3 жүзд. · 3 1 миңд. – 1 жүзд.
9 жүзд. – 6 жүзд. 8 жүзд. : 4 1 миңд. – 5 жүзд.

**2.** 1) Токсон алтыга 1ден кошуп, жүзгө чейин сана.
2) Эки жүзгө 100дөн кошуп, миңге чейин сана.
3) Эки жүздөн 10дон кемитип, жүзгө чейин сана.
4) Тогуз жүздөн 100дөн кемитип, нөлгө чейин сана.

**3.** Оозеки эсепте. 1 сомдо канча тыйын болот? 3 сомдочу? 5 сомдочу?
1 метрде канча сантиметр болот? 2 метрдечи? 10 метрдечи?

**4.** 12 жана 8 сандарынын көбөйтүндүсү алардын суммасынан канчага чоң?

**5.** Технология сабагына ар биринде 12 барактан болгон 3 пачка түстүү кагаз жана 50 барак ак кагаз сатып алышты. Бардыгы канча барак кагаз сатып алышты?

□ **6.** 29 : 5 = □ (калд. □) 35 : □ = 4 (калд. 3)
62 : 17 = □ (калд. □) 35 : □ = 2 (калд. 5)

**7.** 88 : 22 72 : 4 – 8 · 2 13 · (87 – 82)
99 : 33 96 : 8 + 3 · 7 44 : (36 + 8)

**8.** Оозеки эсепте. Токойдон 35 устун алып кетүү керек. Трактор менен бир каттамда 9 устун алып кетсе болот. Трактор токойго бардыгы канча жолу катташ керек?



**?** Эсептеп чыгар.
1 миңд. – 3 жүзд. 9 жүзд. : 3 1 жүзд. · 7

Эми үч орундуу сандар кандайча түзүлөрүн жана кандайча аталарын билебиз.

| Жүздүктөр | Ондуктар | Бирдиктер |
|---|---|---|
|  |  |  |
| жүз | жыйырма | үч |

| 5 жүзд. | 2 онд. | 0 бирд. |
|---|---|---|
| беш жүз жыйырма | | |

| 3 жүзд. | 0 онд. | 2 бирд. |
|---|---|---|
| үч жүз эки | | |

1. Бардыгы канча таякча болот:

   1) 100 дөн 2 боо, 10 дон 4 боо, дагы 5 таякча;
   2) 100 дөн 5 боо, дагы 7 таякча?

2. Берилген сандарды таякчалар менен көрсөт: эки жүз отуз алты, үч жүз беш, сегиз жүз.

3. Курамы төмөндөгүдөй болгон сандарды ата:

   1) 6 жүзд. 4 онд. 0 бирд.; 2) 1 жүзд. 0 онд. 8 бирд.

4. Жүк ташуучу машина 1 саатта 15 л күйүүчү май сарптайт. 45 л май канча саатка жетет? 60 литрчи? 90 литрчи?

5. Эмерек ташыган жүк ташуучу машина токтогонго чейин 48 л, андан кийин дагы 32 л күйүүчү май сарптады. 1 саатта 16 л май сарптаса, машина канча саат жол жүргөн?

6. 

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 44 : 2 | 66 : 3 | 88 : 2 | 88 : 4 | 66 : 2 |
| 44 : 22 | 66 : 33 | 88 : 22 | 88 : 44 | 66 : 22 |

7. 

| | | |
|---|---|---|
| 80 − 16 · 5 | 90 : (6 · 15) | 78 : (13 − 7) · 0 |
| 70 + 2 · 12 | 68 : (72 : 18) | 64 : (39 − 7) · 1 |

Курамы төмөндөгүдөй болгон сандарды ата:

1) 7 жүзд. 0 онд. 1 бирд.; 2) 4 жүзд. 9 онд. 0 бирд.




ЭСЕПТЕП ЧЫГАР. АШЫКЧА ТУЮНТМАНЫ ТАП:

28 · 2
8 · 7
4 · 14
27 · 2
56 · 1






Эми разряддык бирдиктердин аталыштарын билебиз: бирдиктер, ондуктар, жүздүктөр. Үч орундуу сандарды жазганды үйрөнөбүз.

10 бирдик — 1 ондук, 10 ондук — 1 жүздүк, 10 жүздүк — 1 миң экендигин эсте. Оңдон солго карай бирдиктер канчанчы орунга жазылат? Ондуктарчы?
Оңдон солго карай эсептегенде жүздүктөр үчүнчү орунга жазылат.

**1.** Ар бир сүрөттө берилген сандар кандайча жазыларын карап чык. Ал сандарды ата.




3 2 7   3 2 0   3 0 7

**2.** Сандарды оку: 894, 809, 408, 900. Бул сандардагы ар бир цифра эмнени билдирерин түшүндүр.

Бирдиктер — бул биринчи разряддын бирдиги;
ондуктар — экинчи разряддын бирдиги;
жүздүктөр — үчүнчү разряддын бирдиги.
Кайсы бир разряддын бирдиги жок болсо, 0 менен белгиленет.

**3.** 1) Каалаган бир орундуу жана эки орундуу санды жаз.

2) Сандарды оку: 100, 250, 606, 999.
Эмне үчүн мындай сандар үч орундуу деп аталарын түшүндүр.

3) **1 миң** саны мындай жазылат: 1000.

**4.** Сандарды жазып, оку:

2 жүзд. 8 онд. 3 бирд.; 4 жүзд. 6 онд. 0 бирд.;
5 жүзд. 0 онд. 1 бирд.; 7 жүзд. 0 онд. 0 бирд.

Үч орундуу сандарда кайсы разряддын бирдиктери жок болбошу керек?

КӨБӨЙТҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ТОПТО:



5. 125 см = □ м □ дм □ см    86 мм = □ см □ мм
540 см = □ м □ дм    42 дм = □ м □ дм

6. Таблица боюнча маселе түз. Аны чыгар.

| Күнүмдүк чыгаша | Күндөрдүн саны | Жалпы чыгаша |
|---|---|---|
| Бирдей | 6 күн | 72 кг |
| | ? | 60 кг |

7. Ашканада 5 күндө 12 килограммдан, 2 күндө 9 килограммдан акшак сарпталды. Бул күндөрү бардыгы канча килограмм акшак сарпталган?
Маселени таблицага жазып, аны чыгар.

8. Дептерге жактары 3 см жана 6 см болгон тик бурчтук чий. Анын үчтөн бир бөлүгүн боёп, аянтын тап.

9. $80 - 40 : (5 + 35)$    $60 : 3 + 2 \cdot 6$    $(49 - 42) : 7$
$57 - 27 : 3 + 24$    $60 : (3 + 2) \cdot 6$    $(54 - 24) : 6$

10. Тийиндини жана калдыкты таап, текшер.

51 : 7    59 : 9    78 : 11    60 : 25    37 : 10

11. Сан туюнтмаларынын жуптарын пайдаланып, туура барабардыктарды түз: 60 : 4; 48 : 3; 90 : 6; 84 : 7; 36 : 3.

12. Дептерге көрсөтүлгөндөй 2 фигура чий.
Берилген фигурадан башка дагы:
1) 2 үч бурчтук, 1 тик бурчтук жана 2 беш бурчтук;
2) 2 үч бурчтук жана 6 төрт бурчтук пайда болгондой кылып, алардын ар бирине экиден кесинди жүргүз.

Сандарды жазып, аны оку:

9 жүзд. 7 онд. 0 бирд.;    8 жүзд. 0 онд. 0 бирд.

□ АШЫКЧА ТУЮНТМАНЫ ТАП:

$7 \cdot 9$
$6 \cdot 7$
$8 \cdot 6$
$7 \cdot 7$
$4 \cdot 7$
$7 \cdot 5$
$7 \cdot 10$





Саноодо улам кийинки сан кандайча пайда болорун айтып бер. 100дөн баштап бирден кошуп сана: 101, 102, ....

**1.** Ар бир катарга калтырылып кеткен сандарды толукта.

1) 196, 197, 198, ..., ..., 201, 202, 203.
2) 903, 902, 901, ..., ..., 898, 897, 896.

**2.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 319 + 1 | 940 − 1 | 509 + 1 | 800 − 1 |
| 760 − 1 | 439 + 1 | 690 − 1 | 299 + 1 |

**3.** Ар биринде канча квадраттык сантиметр бар?
4 $дм^2$, 5 $дм^2$, 4 $дм^2$, 5 $см^2$.

**4.** □ сомдон 3 топу, □ сомдон ошончо моюн орогуч сатып алышты. Бардыгы канча сом турат? Калтырылып кеткен сандарды коюп, маселени ар түрдүү жолдор менен чыгар.

**5.** Туюнтмалар боюнча маселерди түз. Аларды чыгар.

$12 \cdot 4 + 8 \cdot 4$ $(7 + 3) \cdot 5$ $23 \cdot 3 + 11 \cdot 2$

**6.**

| $a$ | 12 | 11 | 10 | 9 |
|---|---|---|---|---|
| $a \cdot 8$ | | | | |

| $b$ | 32 | 48 | 56 | 64 |
|---|---|---|---|---|
| $b : 8$ | | | | |

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| $90 - 48 : 3$ | $(56 + 28) : 14$ | $9 \cdot 9 - 8 \cdot 5$ |
| $(90 - 48) : 3$ | $56 + 28 : 14$ | $9 \cdot (9 - 8) \cdot 5$ |

**8.** 1) Эки квадрат чийː биринчи квадраттын жагы 3 см, экинчисинин жагы биринчисинен 3 эсе узун. Экинчи квадраттын аянты биринчи квадраттын аянтына караганда канча эсе чоң?
2) Экинчи квадраттын периметри биринчи квадраттын периметрине караганда канча эсе чоң?

**9.** Эсептеп чыгар.

$90 : 9 \cdot 1$ $80 : 8 \cdot 0$ $(84 - 77) : 1$ $(9 - 9) : 8$

**10.** Маанилерин эсептебей туруп, көбөйтүндүлөрүн салыштыр.

Калтырылып кеткен сандарды толукта.
901, 900, ..., ..., 897, ..., ..., 894.

1, 2, 3 САНДАРЫН ГАНА ПАЙДАЛАНЫП, СЫЙКЫРДУУ КВАДРАТТЫ ТОЛУКТА:



1) 20 · 3 · 4

2) 8 · 44 · 20

3) 4 · 3 · 10

Эми берилген сандан 10 эсе, 100 эсе чоң санды кантип алууга болорун билебиз.

3 санын жаз. Анын оң жагына 0 цифрасын жаз. Эми 3 цифрасы кайсы орунда турат жана эмнени билдирет? 3 ондук 3 бирдиктен канча эсе чоң? Ушундай эле жол менен 9, 90 жана 900 сандарын салыштыр. 200 санынын оң жагындагы 1 нөлдү; 2 нөлдү алып койсо, ал кандай өзгөрөт?

8, 12, 35 сандарын 10 эсе чоңойт.
700, 400, 100 сандарын 100 эсе кичирейт.
840, 900, 360 сандарын 10 эсе кичирейт.

Тогуз кабаттуу үйдүн ар бир кабатында үчтөн батир бар. Жетинчи кабаттагы батирлердин номерлери: 127, 128, 129. Андан мурунку жана кийинки кабаттагы батирлердин номерлерин ата.

Лыжа боюнча эстафетага ар биринде 8 кишиден болгон эркек балдардын 9 командасы, дагы 24 кыз катышты. Эстафетага катышкан эркек балдардын саны кыздарга караганда канча эсе көп?
Акыркы аткарыла турган амал кемитүү боло тургандай кылып, маселенин суроосун өзгөрт. Жаңы маселени чыгар.

| | |
|---|---|
| 1 м ○ 10 дм | 1 дм ○ 10 см |
| 1 м ○ 10 см | 1 дм ○ 10 мм |
| 1 $дм^2$ ○ 10 $см^2$ | 1 $см^2$ ○ 100 $мм^2$ |

Теңдемелерди чыгарып, текшер.

$x : 3 = 17$ $\quad 49 - x = 28$ $\quad 64 : x = 4$

| | | |
|---|---|---|
| $28 + 42 : 7 - 6$ | $100 - 7 \cdot 8$ | $74 : \square = 8$ (калд. $\square$) |
| $96 - 72 : 9 + 15$ | $90 - 8 \cdot 8$ | $65 : \square = 7$ (калд. $\square$) |
| $32 + 56 : 8 - 7$ | $80 - 9 \cdot 8$ | $85 : \square = 9$ (калд. $\square$) |

1) Фигуралардын катарлары кандайча түзүлгөндүгүн карап чык.
2) Бир санда цифраларды кайталабастан, 2, 7, 5 цифраларынын жардамы менен мүмкүн болгон бардык үч орундуу сандарды түз.







600, 200, 800 сандарын 100 эсе кичирейт.

Үч орундуу сандарды разряддык кошулуучулардын суммасы катары жазганды үйрөнөбүз.




Таблицаны карап чык.

| Сан | Разряддык кошулуучулардын суммасы |
|---|---|
| 425 | 400 + 20 + 5 |
| 640 | 600 + 40 |
| 903 | 900 + 3 |

1. Сандарды разряддык кошулуучулардын суммасы менен алмаштыр.

309 = □ + □ | 970 = □ + □ | 222 = □ + □ + □
806 = □ + □ | 250 = □ + □ | 346 = □ + □ + □

2. Суммаларды карап чык. Разряддык кошулуучулардын суммасы катары берилген сандарды көчүрүп жаз.

960 + 6 | 600 + 40 + 5 | 800 + 20
349 + 1 | 600 + 300 + 9 | 800 + 2

3. Апасы ар биринде 3 килограммдан болгон 8 себет алча терди. 14 кг алчадан кыям жасады. Канча килограмм алча калды?

4. Сүрөттө паркеттин алмаштыра турган бөлүгү көрсөтүлгөн. Паркеттин ар бир квадраты 4 тактайчадан турат. Бардыгы канча тактайча керек? Аида менен Юра маселени кантип чыгарышкандыгын түшүндүр.



Аида: $4 \cdot 6 + 4 \cdot 3$  Юра: $4 \cdot (6 + 3)$

5. $14 \cdot 6 : 4$ | $17 \cdot 3 + 2 \cdot 15$ | $(48 + 16) : 4$
$18 \cdot 4 : 6$ | $18 \cdot 5 - 3 \cdot 16$ | $(75 - 25) : 5$
$19 \cdot 5 : 1$ | $16 \cdot 4 - 4 \cdot 12$ | $(96 - 32) : 2$



6. Бирдей болгон 5 квадратты алыш үчүн 2 таякчанын ордун кантип алмаштыруу керек?

Сандарды разряддык кошулуучулардын суммасы менен алмаштыр. 648 707 830

Сүрөттү пайдаланып, жазууларды түшүндүр. Эсептеп чыгар.



Сүрөттү пайдаланып, түшүндүрүү менен чыгар.

| | | |
|---|---|---|
| 200 + 10 + 3 = 213 | 210 + 3 | 213 − 13 |
| 213 = 200 + 10 + □ | 203 + 10 | 213 − 200 |
| 200 + 13 = □ | 213 − 10 | 213 − 3 |

**1.** 300 + 60 + 3 | 509 − 500 | 704 + 80 | 860 + 7
296 − 90 − 6 | 900 + 20 | 654 − 54 | 435 − 30

**2.**

| *a* | 9 | 99 | 999 |
|---|---|---|---|
| *a* + 1 | | | |

| *c* | 10 | 100 | 1 000 |
|---|---|---|---|
| *c* − 1 | | | |

**3.** 905 = □ + □ | 820 = □ + □ | 199 = □ + □ + □

**4.** Жагы 9 дм (9 см; 9 м) болгон квадраттын аянтын тап.

**5.** □ сомдон 5 калем сап, □ сомдон 3 калем сатып алышты. Бардыгы канча сом?
Шартын толуктап, маселени чыгар.

**6.** Үйдөн жумушка чейин апам автобус менен 20 мүнөт жол жүрөт. Андан кийин 10 мүнөт жөө басат. Автобус күткөн убакытты эске албаганда, апам үйдөн жумушка чейин, кайра жумуштан үйгө чейинки жолго канча убакыт коротот?

**7.** 79 − 19 · 2 + 34 | 78 : (64 − 58) | 45 : 15
98 − 20 − 6 · 12 | 9 · (42 − 37) | 96 : 24

**8.** Туюнтмалардын маанилерин тап. Аларды ар түрдүү жол менен эки топко бөл.

590 = □ + □ 208 = □ + □ 367 = □ + □ + □



56 : 8
9 · 6
56 : 7
6 · 9
8 · 7
54 : 9
7 · 8
54 : 6



? □




**АШЫКЧА ТУЮНТМАНЫ ТАП:**

$8 \cdot 5$
$7 \cdot 8$
$8 : 8$
$6 \cdot 8$
$8 \cdot 9$
$8 \cdot 3$
$4 \cdot 8$
$8 \cdot 2$
$10 \cdot 8$



Үч орундуу сандарды салыштырганды үйрөнөбүз.

Үч орундуу сандарды мындай салыштырууга болот:
1) Жүздүктөрдүн саны боюнча.
Мисалы, $700 > 698$, анткени 7 жүзд. > 6 жүзд.
2) Эгерде жүздүктөрдүн саны бирдей болсо — ондуктардын саны боюнча. Мисалы, $829 < 832$, анткени 2 онд. < 3 онд.
3) Эгерде ондуктардын саны бирдей болсо — бирдиктердин саны боюнча. Мисалы, $346 > 342$, анткени $6 > 2$.

**1.** Текстти окуп, сандарды кемүү тартибинде жаз.

Көлдөрдүн тереңдиги ар кандай. Сары-Челектин тереңдиги — эки жүз отуз төрт метр, Кара-Суу — жүз элүү метр, ал эми Ысык-Көл — алты жүз алтымыш сегиз метр.

**2.**
860 ○ 680 101 ○ 110 499 ○ 500
729 ○ 735 350 ○ 305 380 ○ 379

**3.**
$264 - 60 + 1$ $700 - 1 - 600$ $809 + 80 + 1$
$900 + 99 + 1$ $400 - 1 - 300$ $390 - 90 - 1$

**4.** Теңдемелерди чыгар.

$x + 3 = 27$ $x - 3 = 27$ $x \cdot 3 = 27$ $x : 3 = 27$

**5.** Эгерде $a = 88$, $b = 22$; $a = 88$, $b = 2$; $a = 88$, $b = 1$ болсо, $a : b$ тийиндисинин маанисин тап.

**6.** Былтыр топоздор үчүн тоютка коруктан 14 үймөк, быйыл андан 3 эсе көп чөп даярдашты. Быйыл былтыркыга караганда чөптү канчага көп даярдашты?



468 ○ 368 243 ○ 253 379 ○ 377

1 жүздүктө канча ондук бар? 2 жүздүктөчү?
1 жүздүктө канча бирдик бар? 2 жүздүктөчү?



1 жүзд. = 10 онд. = 100 бирд.
10 жүзд. = 100 онд. = 1 000 бирд.



1 жүзд. 2 онд. = 12 онд. = 120 бирд.




1. 1) 150 санында бардыгы канча ондук бар? 270 санындачы? 400 дөчү? 300 санында канча жүздүк бар? 900 санындачы?
2) 25 ондук канча бирдикти түзөт? 5 жүздүктөчү?

2. 1) Баланын бою 1 м 27 см. Бул канча сантиметр болот?
2) Терезенин туурасы 150 см. Бул канча дециметр болот?

3. □ м 15 см = 815 см  340 см = □ м □ дм
□ м 6 см = 906 см  500 см = □ дм

4. 160, 207, 345 сандарын разряддык кошулуучулардын суммасы түрүндө жаз.

5. 400 + 80 − 1  978 − 8 − 1  300 + 74
750 − 50 + 1  500 + 99 + 1  374 − 300

| | | |
|---|---|---|
| 24 | · | 2 |
| 3 | · | 16 |
| 8 | · | 6 |
| 2 | · | 25 |
| 12 | · | 4 |

6. 1) Үч бурчтуктун бир жагынын узундугу 18 см, экинчисиники андан 3 эсе аз, ал эми үчүнчү жагынын узундугу 14 см. Үч бурчтуктун периметрин тап.
2) Туюнтмалар боюнча маселелерди түз.
18 + 10 + 20  18 + 10 + 10 · 2  18 + 10 + 18 : 2

7. 860 − 800  (80 − 45) : 5  5 · 9 + 7 · 6
700 + 50  98 − 84 : 7  5 · 9 − 7 · 6
999 − 90  90 − 51 + 9  5 · (9 − 7) · 6

8. Тийиндини жана калдыкты тап. 71 : 8  83 : 7  9 : 11

9. Туюнтмалардын маанилерин тап. Ар кандай жолдор менен туюнтмаларды эки топко бөл.

«Текшерүү иштери», 68-, 69-б.



**1.** Циферблатта рим цифралары менен сандар кандай жазылганын карап чык.

**I** (1) **V** (5) **X** (10)







Бул цифраларды эсиңе сакта. Алардын жардамы менен сандар кандайча жазылгандыгына көңүл бур: **II** (2) жана **III** (3), **IV** (4) жана **VI** (6), **IX** (9) жана **XI** (11).

**2.** 

**III** ○ **V** **IX** ○ **VIII** **XII** ○ **VII**

**VI** ○ **IV** **XI** ○ **IX** **IV** ○ **IX**

**3.** Торчолорду толукта.

**III + I = □** **IV − II = □** **XII − III = □**

**IX + II = □** **IV + III = □** **III + III = □**

**4.** Таякчалардан тизилген рим цифралары менен берилген барабардыктарда каталар кетирилген. Аларды оңдоо үчүн ар бир барабардыктан бирден таякчаны кантип которуу керек? Туура барабардыктарды жаз.

**VI + I = V** **X + III = XI** **IX − I = X**

**5.** Рим цифраларынын жардамы менен жаз:

1) Сен канча жаштасың?
2) Эки жылдан кийин канча жашта болосуң?
3) Эки жыл мурда канча жашта элең?

**I**, **V**, **X** рим цифраларынын жардамы менен 12 ден чоң болгон сандарды да жазууга болот. Мисалы, 13 — **XIII**, 14 — **XIV** ж. б.

**6.** Китепканада Л. Н. Толстойдун чыгармалар жыйнактарынын он үчүнчүдөн жыйырма алтынчыга чейинки томдору катарынан бир текчеде турган. Алардын айрымдарын окурмандарга беришти. Берилген китептердин номерлерин ата.




**I**, **V**, **X** цифраларынан башка дагы рим цифралары бар: **L** — 50 нү, **C** — 100 дү, **D** — 500 дү билдирет.
Мисалы, 60 саны **LX**, 300 саны — **CCC**, 700 саны — **DCC** деп жазылат.




**7.** 1) **L**, **C**, **D**, **X** сандарын өсүү тартибинде жайгаштыр.
2) **CX**, **DC**, **LXX** сандарын кемүү тартибинде жайгаштыр.

**8.** Жазууларды окуп чык:
1) Рустам китептин **XXII** главасын окуп жатат.
2) Китепканадан апам Ч. Айтматовдун жыйнактарынын **VII** томун алды.
3) Жалал-Абад шаарына **CL** жыл болду.
4) Бишкекке **CC** жыл боло элек.



# Салмак чен бирдиктери



Грамм

**ЧИЙИП БОЁ.**
**2 СИММЕТРИЯ ОГУН ЖҮРГҮЗ:**






Сүрөттү карап чыгып, айтып бер: бир капустанын салмагы 1 килограммдан азбы же көппү? 2 килограммданчы?

Буюмдардын салмагын так билүү үчүн килограмм гана эмес, андан майда болгон салмак бирдиги **граммды** пайдаланышат. Бир килограммда 1000 грамм бар.

**1 кг = 1 000 г**

Таразанын ташы ар кандай салмакта болот:

| | | |
|---|---|---|
| 1 кг | 2 кг | 5 кг |
| 100 г | 200 г | 500 г |
| 10 г | 20 г | 50 г |
| 1 г | 2 г | 5 г |

1. 7 г, 80 г, 300 г, 600 г, 745 г, 900 г граммды алуу үчүн кайсы тараза таштарын пайдалансак болот?

2. Кыз ар биринде 200 граммдан болгон 2 пачка печенье, ар бири 50 граммдан болгон 2 пачка чай сатып алды.
Суроо коюп, маселени чыгар.

3. Теңдемелерди чыгар:

$100 + x = 200$ $\quad$ $x \cdot 140 = 140$ $\quad$ $390 - x = 90$

4.

| | | |
|---|---|---|
| $328 - 20$ | $320 : 10 - 170 : 10$ | $1000 - (200 + 300)$ |
| $406 - 6$ | $(750 - 50) : 100 \cdot 1$ | $1000 - (480 - 80)$ |

5. Дептерге тик бурчтуктан башка, аянты 12 см² ка барабар болгон каалаган фигураны чий.

Ар биринде 100 граммдан болгон 3 пачка вафли сатып алышты. Анын салмагын тап.

## Эсептөөлөрдү жүргүзүү маселелери



1. Зарина сайма саюу менен алектенет. Ал көбүнчө сүрөт түшүрүлгөн атайын чакмак кездемеге майда крест менен сайма саят. Бул жолу ал пальманын сүрөтүн сайып жаткан. Эгерде кездемедеги чакмактар сүрөттөгү чакмактарга караганда 4 эсе көп болсо, узундугу 50 см, туурасы 30 см болгон сүрөт түшүрүлгөн кездеменин бөлүгү жетеби?

2. Диванды каптоо үчүн 6 м, ал эми 2 креслону каптоо үчүн 3 м кездеме сарпталат. Тигүүчүдө 24 м кездеме бар. Бул кездеме 3 диванды жана 2 жуп креслону каптоого жетеби? 1 диван жана 4 жуп креслогочу?

3. Ар бирине 6 метрден сарптоо менен, бир түрмөк кездемеден 12 пляж чатырчаларын тигүүгө болот. Чатырчага караганда ар бирине 3 метрге ашык сарптоо менен, бул түрмөктөн 9 чатыр тигүүгө болобу?



4. «Билимдер өлкөсүндө» журналын сатып алуу үчүн апасы Айшага 100 сом берди. Эгерде биринчи чыгарылышы — 30 сом, экинчиси — 31 сом, ал эми үчүнчүсү — 29 сом турса, бул акча 3 чыгарылышын тең сатып алууга жетеби? Оозеки болжоп көр. *Андан соң эсептеп, чыгар.*



1. Көргөзмөгө коюу үчүн Алинанын, Кубаттын жана Олегдин тарткан сүрөттөрүн алышты. Ал сүрөттөрдүн биринде гана пейзаж тартылган. Достору: «Пейзажды кимиңер тарттыңар?» — деп кызыгып сурашты.

Балдар минтип жооп беришти:

Алина  — Бул мен эмес.

Кубат  — Пейзажды Олег тартты.

Эгерде бул жооптордун бири гана туура болсо, пейзажды ким тарткан?



Талкууну толуктап, жообун бер.
«Кубаттын жообун туура деп болжолдойлу.
Анда Алинанын жообу да туура.
Демек, Кубаттын жообу туура эмес, ал эми Алинанын жообу . . . .
Жыйынтыгында пейзажды . . . ».

Талкууну мындай жүргүзүүгө да болот:
«Алинанын жообун туура эмес деп эсептейли.
Анда . . . жообу туура эмес».
Бир гана жооп туура болушу мүмкүн экендигин эске алып, талкууну толукта.

**2.** Марат менен Коля экөөнүн 11 оюнчук машинасы бар. Азиз менен Коляныкы — 12, ал эми Марат менен Коляныкы — 13 машина. Балдардын ар биринин канча машинасы бар?

Жардамчы сөз: Марат, Коля жана Азиз — үчөөнүн оюнчук машиналары канча экендигин кантип билүүгө болот, ойлонуп көр. Андан соң маселенин суроосуна жооп табуу жеңил болот.



**3.** *Эсептөөчү машина* төмөнкүдөй иштейт:




1) Эгерде *эсептөөчү машинага* 5; 2; 10; 14; 18; 24 сандары киргизилсе, чыгууда кайсы сан келип чыгат?

2) *Машинадан* чыгууда 13, 16 сандары чыкса, ага кайсы сан киргизилген?

3) Башка сандарды колдонуп, бул *машинага* окшош болгон өзүңдүн эсептөөчү машинаңды түз. Анда иштеп көр.





**4.** Дептерге төмөнкүдөй оймо-чийме чий.





Ал кайсы эреже боюнча түзүлгөн?

Бул оймо-чиймени дагы 2 жолу кайталап чий.

## ЭМНЕНИ БИЛДИК. ЭМНЕНИ ҮЙРӨНДҮК

1. Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, мүмкүн болгон бардык үч орундуу сандардын аталыштарын түз.

| | | |
|---|---|---|
| беш жүз | токсон | жети |
| үч жүз | кырк | тогуз |

2. 5, 7, 8 цифраларын колдонуп, бир санда цифраларды кайталабастан, мүмкүн болгон бардык үч орундуу сандарды жаз. Бул сандардын ар биринде канча жүздүк, канча ондук, канча бирдик бар?

3. Текстти окуп чыгып, сандарды цифралар менен жаз. Бул сандарды кемүү тартибинде ата.
Крокодил үч жүз жылга чейин жашайт. Пил сексен, ал эми тоту куш жүз элүү жылга чейин жашайт.

4. Спорт сарайында бир катардагы 231-орундан 242 ге чейинки орундар бош болгон. Бул катардагы кайсы орундар бош экендигин жаз.

5. Ар биринде 37 ондук болгон 5 сан жаз. Мындай сандан канчаны жазууга болот?

6.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 38 : 2 · 4 | 45 : 3 · 6 | 36 : 2 · 5 | 84 : 6 · 3 |
| 75 : 3 · 2 | 84 : 2 · 1 | 72 : 4 · 3 | 91 : 7 · 6 |
| 90 : 6 · 4 | 66 : 3 · 0 | 56 : 4 · 7 | 85 : 5 · 4 |

7. Лейланын 40 сому болгон. Ал ар бири 5 сомдон болгон канча токоч сатып алса болот? 6 сомдук токочтончу?

8.

| | | |
|---|---|---|
| 980 − 900 − 1 | 699 + 1 + 30 | 749 − 40 + 1 |
| 890 − 90 + 1 | 399 + 1 + 60 | 679 − 70 + 1 |

9.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 624 − 4 | 475 + 2 | 362 − 2 | 553 + 4 |
| 624 − 20 | 475 + 20 | 362 − 60 | 553 + 40 |
| 624 − 600 | 475 + 200 | 362 − 300 | 553 + 400 |

10. 4 саны 9 га караганда канча эсе чоң?
54 саны 9 дан канчага чоң?
10 саны 70 ке караганда канча эсе кичине?
10 саны 70 тен канча бирдикке кичине?

**КЫЗЫКТУУ РАМКАЛАР:**






**11.** Калдыктуу бөлүүнү аткар.

74 : 9   39 : 4   59 : 8   (32 + 19) : 7
68 : 8   43 : 7   55 : 6   (27 + 28) : 8

**12.** Торчолорду тийиштүү сандар менен толукта.

85 : 9 = 9 (□ калд.)   73 : □ = 9 (1 калд.)
56 : 6 = □ (2 калд.)   □ : 8 = 7 (3 калд.)

**13.** Эки ящикте 84 бадырақ болгон. Биринчисинде 39 бадырақ бар. Экинчисиндеги бадырақдын саны канчага көп?

**14.** Данияр китепти 4 күндө окуп бүттү. Ал күнүгө окуган беттеринин санын төмөнкүдөй таблицага жазып турган:

| Аптанын күндөрү | Окулган беттердин саны |
|---|---|
| Дүйшөмбү | 13 |
| Шаршемби | 7 |
| Ишемби | 14 |
| Жекшемби | 11 |
| 4 күндө | ? |

Бул китеп канча беттен турат? Эсептеп чыгар.

**15.** Барабардыктар туура болгондой кылып, кашааларды кой.

69 – 54 : 3 + 6 = 63   69 – 54 : 3 + 6 = 57
69 – 54 : 3 + 6 = 11   69 – 54 : 3 + 6 = 45

**16.** 90 – (36 + 24)   (88 – 64) : 4   48 : (12 + 12)
28 + (72 – 50)   88 – 64 : 4   48 : 12 + 12

**17.** Ар бир мамычадагы туюнтмалар кандайча түзүлгөндүгүн карап чыгып, мамычаларды улантып жаз. Эсептеп чыгар.

19 + 19 · 0   11 – 22 : 2   (74 + 26) : 10 · 9
18 + 18 · 1   22 – 33 : 3   (75 + 25) : 10 · 8
17 + 17 · 2   33 – 44 : 4   (76 + 24) : 10 · 7
…   …

ЧИЙИП БОЁ:

□




ЧЫНЖЫРЧА:



**КЫЗЫКТУУ РАМКАЛАР:**







**18.** Кампада □ велосипед болгон. Алардын ичинен аялдардын велосипеддери — □, эркектердики андан 3 эсе көп, ал эми калгандары — балдардын велосипеддери. Кампада балдардын канча велосипеди бар? Шартын толуктап, маселени чыгар.

**19.** 16 кг акшакты бирдей салмакта 8 баштыкка бөлүп салышты. Эгерде ар бир баштыктагы акшактын салмагы мурдагы салмагынан 1 килограммга көп болсо, 90 кг акшакты салуу үчүн канча баштык керектелет?

**20.** 10 кг кант кызылчасынан 2 кг кант алынат. 40 кг кызылчадан канча килограмм кант алынат? 80 килограммданчы? 100 килограммданчы?

**21.** Эгерде $a = 23$, $b = 100$; $a = 100$, $b = 450$ болсо, $a + b$ жана $b - a$ туюнтмаларынын маанилерин эсептеп, чыгар.

**22.**

| $a$ | 26 | | 9 | 82 |
|---|---|---|---|---|
| $b$ | 3 | 4 | | |
| $a \cdot b$ | | 96 | 63 | 82 |

| $c$ | 72 | 60 | 37 | |
|---|---|---|---|---|
| $k$ | 4 | | | 2 |
| $c : k$ | | 6 | 37 | 44 |

**23.** Чоң бидонго 15 л, ал эми банкага бидондогу сүттүн бештен бир бөлүгү гана батат. Бир банкага канча литр сүт батат? Үч бидон сүттү куюштуруу үчүн канча банка керек?

**24.** Эгерде спектакль 80 мүнөт, ал эми кино 1 саат 10 мүнөт убакытка созулса, спектакль киного караганда канча мүнөткө узак болгон?

**25.** $\square : 6 = 7$ (4 калд.) $\quad 65 : \square = 9$ (2 калд.)
$\square : 4 = 9$ (3 калд.) $\quad 54 : \square = 6$ (6 калд.)

**26.**

| | | |
|---|---|---|
| $92 : 23$ | $96 : 24$ | $66 : 33 + 99 : 9$ |
| $68 : 17$ | $68 : 34$ | $88 : 22 + 15 \cdot 6$ |
| $57 : 19$ | $64 : 16$ | $65 : (213 - 200) \cdot 10$ |
| $52 : 26$ | $44 : 11$ | $84 : 12 \cdot (307 - 300)$ |

**27.** 1) Сааттын үчтөн бир бөлүгү канча мүнөттү түзөт? Төрттөн бир бөлүгүчү? Бештен бирИчи? Ондон бир бөлүгүчү?

2) Сүрөттү карап чык. Кайсы 3 ай кыш мезгилин түзөт? Аларды ата. Жай, күз айларычы?




3) Январдан баштап ар бир 3 ай **квартал** деп аталат. Биринчи кварталга кайсы айлар кирет? Экинчи; үчүнчү; төртүнчү кварталгачы?
Бир квартал жылдын кандай бөлүгүн түзөт?

**28.** Баланын «Саат канча болду?» деген суроосуна «Үчке он беш мүнөт калды» деп жооп беришти. Анткени ал саат 15:00дө телевизордон мультфильм көрсөтөрүн билчү. Бала кечиккен жокпу?

**29.**

| Тик бурчтук | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Узундугу (см) | 16 | 18 | | 7 | 8 | 9 |
| Туурасы (см) | 6 | 4 | 3 | 7 | 6 | |
| Аянты (см²) | | | 72 | | | 45 |
| Периметри (см) | | | | | 28 | |

**30.** Дептерге көрсөтүлгөн фигураларды чий. Ар бир фигурага бардык симметрия окторун жүргүз.



**31.** Катасын таап, туура чыгар.

48 : 7 = 6 (6 калд.) 8 : 9 = 0 (9 калд.)
58 : 6 = 8 (10 калд.) 10 : 8 = 0 (2 калд.)



## БИРИ-БИРИБИЗГЕ ИЙГИЛИККЕ ЖЕТҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРЕБИЗ

### Туурабы? Туура эмеспи?

Биринчи окуучу ырастоону окуйт. Экинчиси туура же туура эмес экендигин аныктайт. Эгер айтылган ырастоолор туура эмес болсо, туура жообун берет. 5-ырастоодон кийин окуучулар ролдорун алмашат.



1. 824 санында 8 — жүздүктөрдүн санын билдирет.
2. Бир миңде 10 жүздүк бар.
3. 953 санында биринчи разряддын 9 бирдиги камтылган.
4. Эгерде 900 санын 2 ге азайтсак, анда 899 болот.
5. Сан катарында 800 саны 799 жана 801 сандарынын ортосунда жайгашкан.
6. 724 саны 742 санына караганда кичине.
7. 283 саны разряддык кошулуучулардын суммасы түрүндө төмөнкүдөй берилген $2 + 80 + 300$.
8. 518 санын 5 жүздүккө азайтсак, анда 18 саны келип чыгат.
9. 601 санында 6 жүздүк жана 1 ондук бар.
10. Эгерде 2 ондукка 6 жүздүктү кошсо, анда 260 келип чыгат.
11. Каалаган үч орундуу сан каалаган эки орундуу сандан чоң.



Акыры ал адатынча, түн ичинде түтүк менен сүт ичип жатканда, түндүк тартам деп үй алдына бара жаткан келин Куйручукка чалынып жыгылат.

Чочуп кеткен келин кыйкырып ийип, эл ойгонот. Куйручук түтүгүн таштай качып кутулат.

Анын жоругу күлкүгө айланып, байлар, молдолор шылдың болушат.

**235-көнүгүү.** Окуган ыр-аңгемеңерди өз алдыңарча талдап, ат атоочтордон бешти таап келгиле.

## § 38. АТ АТООЧТУН КӨПТҮК ТҮРҮ

**236-көнүгүү.** Таблицаны карап, ат атоочтордун жекелик түрүнөн көптүк түрү эмнеси менен айырмалана турганын байкагыла.

| Ат атоочтун жекелик түрү | Ат атоочтун көптүк түрү |
|---|---|
| **I жак: Мен** окуйм. | **Биз** окуйбуз. |
| **II жак: Сен** окуйсуң, | **Силер** окуйсуңар. |
| **Сиз** окуйсуз. | **Сиздер** окуйсуздар. |
| **III жак:** Ал окуйт. | **Алар** окушат. |

**237-көнүгүү.** Жогорудагы таблицага карап, бул сүйлөмдөрдү өзгөртүп жазып көрсөткүлө. Суроо берип, ат атоочторду аныктагыла. Алар жекелик сандабы, көптүк сандабы, ажыратып айткыла.

1. Ал мектептен келди. 2. Мен автобуска түштүм. 3. Сен бөбөгүңө чай бердиңби? 4. Сиз эс алып алыңыз. 5. Мен сага ишенем. 6. Апа, мен сизди таарынттымбы? 7. Ал атка мингенди билбейт. 8. Мен бул китепти окугам, а сенчи?

**Ү л г ү:** *Ал мектепке келди?* **(Ким?)** – *Алар мектепке келишти.* **(Кимдер?)**

**238-көнүгүү.** Текстти окуп, андан зат атоочторду таап, суроо бергиле. Түрүн ажыраткыла.

## АКЫЛМАН КЫДЫР АКЕНИН ӨНӨРҮ

Ал эл башкарат, жоопту милдетти көтөрүү менен, бош убактысында тайган агытып, куш салганды, сейилдеп аңчылык кылганды, күлүк таптап, ат чапканды бала кезинен эле жакшы көрчү экен.

Ал куштардын кыраанын, начарын ажырата билип, мүнүшкөрлүк да кылчу экен. Каз-өрдөккө ылаачын, кышкысын түлкүгө бүркүт салчу дешет.

Анын «Тайгашка» деген күлүгү нечен ирет ат чабыштарда байге алып, Кыдыр акенин зоболосун бир топ көтөрүптүр.

*Б. Максутовдон*

**239-көнүгүү.** Схема боюнча өз алдыңарча бир нече сүйлөмдөрдү түзгүлө. Суроо бергиле, ат атоочтун жеке жана көптүк түрлөрүн ажыратып түшүндүргүлө.

| | | |
|---|---|---|
| | мен, биз | |
| Ким? – Кимдер? | сен> силер | Эмне кылды? |
| Эмне? – Эмнелер? | сиз> сиздер | Эмне кылышты? |
| | ал, алар | |

## § 39. АТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**240-көнүгүү.** Көнүгүүлөрдү окугула, андагы ат атоочтор зат атоочтор менен бирге айтылганда өзгөрдүбү, өзгөргөн жокпу? Айтып бергиле.

1. «Шашпа, коён» деген мультфильм карышкыр менен коён жөнүндө. Ал мультфильмди мен көргөм. 2. Бул бала–менин инимдин досу. 3. Бакыт, бул китепти Жы-

парга берип койчу. 4. Бул күн мен үчүн абдан кубанычтуу күн болду.

*Эсиңерге туткула!*

**Ал, бул** деген ат атооч зат атооч сөздөр менен айкалышып келген учурда, ат атооч сөздөр жөндөмөлөр боюнча өзгөрбөйт.

**Мисалы:**

**Атооч:** *ким?* Ал окуучу.
**Илик:** *кимдин?* Ал окуучу**нун**
**Барыш:** *кимге?* Ал окуучу**га**
**Табыш:** *кимди?* Ал окуучу**ну**
**Жатыш:** *кимде?* Ал окуучу**да**
**Чыгыш:** *кимден?* Ал окуучу**дан**

**241-көнүгүү.** Схеманы карагыла. Андагы ат атооч сөздөр кандай өзгөргөнүн байкагыла. Андан соң үлгү боюнча жазып көрсөткүлө.

Ал — китептин... / мектепке... / топту... / көчөдө... / айылдан

анын...
ага...
аны...
анда...
андан ...

**Ү л г ү:** *Ал китептин барагы айрык. – Анын барагы айрык.*

**342-көнүгүү.** Муну да жогорудагыдай иштегиле.

Бул — машинанын / гүлгө / дептерди / терезеде / үйдөн

мунун...
буга
муну...
мында...
мындан...

**243-көнүгүү.** Төмөндөгүлөрдү окуп, кара менен берилген сөздөргө суроо бергиле. Сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

### *Кулагыңа күмүш сырга!*

Байыркы кыргыздарда салмак өлчөмү – **кадак.**
Данды элегенден калган калдыгы – **кебек.**
Жүк жүктөлүүчү унаанын аты – **көлүк.**
Өңү серт адам – **куник.**
Айран, сүттүн жалпы аты – **катык.**
Чөптүн мал жегенден кийинки калдыгы – **кашек.**
Сөөктүн жумшак бөлүгү – **кемик.**
Адамга жардам, кол кабыш кылуу – **көмөк.**

## *Машыгуу сабагы*

**244-көнүгүү.** Ат атоочтордун жөндөлүшүн таблицадан карагыла. Алардын өзгөчөлүктөрүн билип алгыла.

**Атооч:** *ким? эмне?* Ал, бул.
**Илик:** *кимдин? эмненин?* Анын, мунун.
**Барыш:** *кимге? эмнеге?* Ага, буга.
**Табыш:** *кимди? эмнени?* Аны, муну.
**Жатыш:** *кимде? эмнеде?* Анда, мында.
**Чыгыш:** *кимден? эмнеден?* Андан, мындан.

**245-көнүгүү.** Таблицага карап, бул сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү ат атоочторду коюп жазгыла. Кайсы жөндөмөдө турарын үстүнө жазып көрсөткүлө.

1. Кубан ооруп калгандыктан, ... ордуна мелдешке Асанкул катышты. 2. Оор жүгүн көтөрүүгө Бекжан жардам бергендиктен, ... Кутман карыя алкыш айтты. 3. Чоң энем Аселди тизесине отургузуп алды да, ... көпкө чейин эркелетип отурду. 4. Сабыр Канатты издеп спорт залга кирген эле, ... Канат жок болчу. 5. Акмат,

сен жалган айтканды качан коёсуң,... эч нерсе таппастыгыңды билесиңби?!

**246-көнүгүү.** Бул ат атооч сөздөрдү катыштырып, жогоркудагыдай сүйлөмдөрдү түзүп жазгыла.

Бул, мунун, буга, муну, мында, мындан.

**247-көнүгүү.** Тексттен ат атоочторду таап, кайсы жөндөмөдө турарын байкагыла.

## БАЙЛАНЫШЧЫ

Улуу согуш күндөрү эле. Тайыр жолдоштору менен чалгынга жөнөгөн. Аңгыча бөлүк менен байланыш үзүлдү. Эми бөлүктүн, жүздөгөн жолдошторунун тагдыры чалгынчылардын командири Тайырдын колунда эле. Ал зымдын үзүлүп калган жерин табыш үчүн, алга карай сойлоду. Ошол кезде автомат тытырап, ок атылып ийнине тийди. Мунун айынан, үзүлгөн зымды лента менен ороп байлоо мүмкүн болбой калды. Автоматтын үнү басылбады. Анын алы да кете баштады.

Тайыр зымдын үзүлгөн учтарын оозуна салды да, тиштеген бойдон жыгылды. Байланыш жөнгө салынды.

Зымды тиштеген бойдон өлгөн бул жоокердин сөөгүн жолдоштору эртеси табышты.

**248-көнүгүү.** Схема боюнча ат атооч сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Ким? | качан? | |
| Эмне? | кайда? | эмне кылды? |
| | кайдан? | |

Ү л г ү: *Айгүл мектептен азыр эле келди.*

## § 40. ЭТИШ СӨЗ ТҮРКҮМҮ

**249-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн кыймыл-аракетин байкагыла. Ким эмне кылып жатат? Аңгемелеп айтып бергиле да, төрт сүйлөм түзүп жазгыла.





**250-көнүгүү.** Кыймыл-аракетти билдирген бул сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзүп жазгыла. Суроо берип, жообун айткыла.

| | |
|---|---|
| Ким? | ойнойт, ойноп жатат, ойноду, |
| Эмне? | окуйт, окуп жатат, |
| Каерде? | тазалайт, тазалап жатат, тазалады, |
| Качан? | көрөт, көрүп жатат, көрдү. |

**251-көнүгүү.** Текстти окуп, кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла.

### КУМУРСКАНЫН «КИНДИК ЭНЕЛЕРИ»

Кумурскалардын энелери таштаган уруктар буудайдын данынан бир аз кичирээк болот. Эне кумурска таштаган ар бир урук ошол эле замат анын балдарына, башкача айтканда, киндик энелерге өтөт. Ар бири бирден урук тиштеп кетишет. Алар ал уруктан чимейилге окшогон кичинекей кумурскалар чыкканга чейин ооздорунан түшүрүшпөйт. Тооктор өз жумурткасын балапан

чыкканга чейин басып чыгарышса, булар кумурска чыкканга чейин ооздоруна тиштеп жүрүшөт. Сыягы алар уруктарга белгилүү даражада жылуулук берип турушат окшойт. Мындай кумурскаларды «киндик эне» деп ата-баганда эмне деп атамак элек...

> ### *Эсиңерге туткула!*
>
> Заттын кыймыл-аракетин билдирип, *эмне кылат? эмне кылып жатат? эмне кылды?* деген суроолорго жооп берген сөз түркүму **этиш** деп аталат.
>
> *Эмне кылат?* – барат, келет, сүрөт тартат.
>
> *Эмне кылып жатат?* – баратат, келатат, сүрөт тартып жатат.
>
> *Эмне кылды?* – барды, келди, сүрөт тартты.
>
> *Эмне кылган?* – барган, келген, сүрөт тарткан.

**252-көнүгүү.** Накыл кептерди окугула. Маанисин айтып бергиле. Этиш сөздөрдү таап, кандай суроолорго жооп берерин түшүндүргүлө.

### *Аталардын сөзү:*

1. Эстүү жаңылса, өзүн жемелейт,
   Эси жок жаңылса, өзгөнү жемелейт.

2. Келгенче конок уялат,
   Келген соң үй ээси уялат.

3. Акылдууга эскертсең билет,
   Акылсызга айтсаң күлөт.

4. Мээнеткеч убакыт издейт.
   Жалкоо шылтоо издейт.

## § 41. КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨРДҮН КЕПТЕГИ МААНИСИ

**253-көнүгүү.** Ырды окугула. Андагы көп чекиттин ордуна кандай сөздөрдү коюуга болорун жана алар кандай суроого жооп берерин айтып түшүндүргүлө. Таяныч сөздөрдү колдонгула.

### АПАМ ... БАЗАРГА

Апам ... базарга
Бөбөгүмү ... издеп.
Мен келгенче базардан,
Курсагын да ... деп.

Бөбөгүмдү ...
Курсагын да ...
Чачын да ...
Бир күнү кечке ...

Шок бөбөгүм жөн...
Жолдон өтсө түз...
Эки жакка...
Козу-улактай...

*«Кырчын»*

**Таяныч сөздөр:** *ойноттум, карадым, кетти, тойгуз, ойнот, тойгуздум, тарадым, сереңдейт, элеңдейт, баспайт, жүрбөйт.*

? 1. Этиш сөздөр болбосо, оюбузду так билдире алат бекенбиз? 2. Ырды толуктап жазып алгыла да, жаттап келгиле.

> *Эсиңерге туткула!*
>
> Биз этиш сөздөр болбосо оюбузду жеткиликтүү айта албайбыз. Этиш сөздөр бардык кыймыл-аракетти билгизет да, оюбузду жыйынтыктайт.

**254-көнүгүү.** Чакан текстти окугула. Көп чекиттин ордуна өзүңөр сөз таап койгула да, тексттин мазмунун түшүндүргүлө.

## СЕЗИМТАЛ АЙБАНАТТАР

Жылкы көп айбанаттардын акылдуусу. Алар көзгө сайса көрүнгүс караңгыда да жолду таап ... Алыска уурдап кетсе да, өз жерин адашпай таап .... ... .

Мышыктын көзүн таңып каякка алып келсе да, өзүнүн үйүн адашпай... .

Канаттуулардын сак кулагы уку экен. Ал кандай үндүн каерден чыгып жатканын караңгыда эле так... .

**255-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдү карагыла, андагы кыймыл-аракеттерди өз сөзүңөр менен баяндап, чакан дилбаян жазгыла.



**256-көнүгүү.** «Адабий окуу» китебиңерден чаккан аңгеме же ырды окуп, андагы этиш сөздөргө талдоо жүргүзгүлө. Ал сөздөрдүн ошол тексттеги маанисин өз сөзүңөр менен түшүндүрүп бергиле.

## § 42. ЭТИШТИН ЧАКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

### Этиштин учур чагы

**257-көнүгүү.** Сүрөттү карап, кыймыл-аракеттин болуп жаткан учурун суроо берип, аныктагыла. Сүйлөм түзүп, айтып бергиле.





*Эсиңерге туткула!*

**Кыймыл-аракеттин учурда болуп жатканын билдирген сөздөр этиштин учур чагы деп аталат.**

Этиштин учур чагы *эмне кылып жатат? эмне кылып турат?* деген суроолорго жооп берет.

**Мисалы:** *турат, отурат, жүрөт, ойноп жатат, уктап жатат, ойноп жатышат, уктап жатышат.*

**258-көнүгүү.** Төмөнкү схеманы карап, этиштин учур чагы кантип түзүлөрүн байкагыла да, үлгү боюнча сүйлөм түзүп жазгыла.

? Этиштин учур чагы кантип түзүлөт?

| | | | |
|---|---|---|---|
| | отурат | | жатат |
| көрүп, | отурам | сүрөт тартып, | жатам |
| ойлонуп | отурасың | угуп | жатасың |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | отурат | | жатат |
| тамак ичип, | отурам | бийлеп, | жатам |
| кино көрүп | отурасың | сүйлөп | жатасың |

**Ү л г ү:** Айжан ашканадан тамак ичип отурат. Мен ойлонуп отурам. Сен китеп окуп жатасыңбы?

**259-көнүгүү.** Текстти окуп, андан заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү таап, анын болуп өткөн убактысы тууралуу оюңарды тексттин мисалында түшүндүргүлө.

## 19 ЖАШЫНДА БААТЫР БОЛГОН

Улуу Ата Мекендик согуштун айыгышкан күндөрүнүн бири болчу. Душмандардын танкалары жер жайнап кирип келди. Душмандын октору Дайырдын бардык жолдошторун жерге сулатып, акырында жалгыз өзү калды.

Жанын аяп, жансоогалоого болбойт эле. Ал жалгыз өзү автомат менен душмандын солдаттарын аткылай берди. Теңсиз уруш кечке созулду. Бирок Дайыр жеңилип берген жок. Кечке чейин ал душмандын 40 солдатын, 8 танкасын жана 6 бронемашинасын жок кылды.

Мындай каармандык эрдиги үчүн, Дайыр Асанов 1943-жылдын 26-октябрында Советтер Союзунун Баатыры деген наам алды. Ошондо ал 19 гана жашта эле.

*Эсиңерге туткула!*

Этиштин учур чагы **жекелик** жана **көптүк** түр болуп экиге бөлүнөт.

Бир заттын учурдагы кыймыл-аракети учур чактын жекелик түрүн түшүндүрөт.

**Мисалы:** *Учуп бара жатат. Сүйлөшүп турат. (Эмне кылып жатат?)*

Бир нече заттын учурдагы кыймыл-аракети учур чактын көптүк түрүн түшүндүрөт.

**Мисалы:** *Учуп бара жатышат. Сүйлөшүп турушат. (Эмне кылып жатышат?)*

## § 43. ЭТИШТИН КЕЛЕР ЧАГЫ

**260-көнүгүү.** Сүрөттү карап, андан балдар эмне кылып жатканын суроо берип, түшүндүрүп бергиле. Ар бирине экиден төрт сүйлөм түзүп жазгыла.





*Эсиңерге туткула!*

Алдыда боло турган кыймыл-аракетти билдирген сөздөр **этиштин келер чагы** деп аталат. *Ал эмне кылат?* деген суроого жооп берет.

**Мисалы:** *Жазында күн жылыйт. Чөп чыгат. Көчөттөрдү тигебиз.*

**261-көнүгүү.** Көнүгүүлөрдү окуп, суроо бергиле. Алар этиштин кайсы чагын билдирерин түшүндүргүлө.

1. Менин карындашым келерки жылы 1-класска кирет. 2. Биз дем алышта автомат оюндарын ойнойбуз. 3. Сен эртең мага телефон чал. Байкем жакында күрөш боюнча мелдешке катышат.

**262-көнүгүү.** Текстти окуп, этиштин келер чагын билдирген сүйлөмдөрдү тапкыла.

## БҮРКҮТ САЛУУ

Бүркүтчү бүркүтүн колуна алып, аң уулап чыкты. Ошол мезгилде капталдан карышкыр көрүндү. Бүркүтчү бүркүтүнүн томогосун алып, карышкырды карай шилтейт. Бүркүт асманга атып чыгат да, эки метрдей кош канатын жайып, карышкырды байкабаган сыяктуу айланып уча баштайт. Бир кезде акырындап төмөндөп, анан капысынан эле аткан октой шукшурулуп карышкырга кол салат. Анан бир буту менен жонунан мыкчып, экинчи буту менен кайрыла берген карышкырды тумшугунан чеңгелдеп басып калат.



Бүркүтчү атын чаптырып келип, карышкырдан бүркүттү бошотуп, аны сылап-сыйпап ыраазылыгын билдирет.

? Этиштин келер чагы эмнени билдирет?

**263-көнүгүү.** Накыл кептерди окугула, маанисин түшүнгүлө да, эсиңерге сактагыла.

### *Кулагыңа күмүш сырга!*

1. Булар баарыбызга керек: ден соолук, мыкты кулк-мүнөз, чынчылдык, ак эмгек.
2. Акылдуу адамдардын сапаты булар болот: өткөн нерсеге өкүнбөйт, ак эмгектен коркпойт, жалкоо болбойт, колунан келбегенге курулай кийлигишпейт, каалаган нерсеси колуна тийбегенге кайгырбайт.
3. Булар жакшы жашоого жардам берет: эмгекчилдик, чыныгы достук, жакшы тарбия, жылуу-жумшак сөз, жакшы акыл-кеңештер.

? Этиштин келер чагын билдирген сөздөрдү таап, түшүндүргүлө.

## § 44. ЭТИШТИН ӨТКӨН ЧАГЫ

**264-көнүгүү.** Төмөндөгүлөрдү окуп, кыймыл-аракеттин качан болгонун түшүндүргүлө.

? Кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгүн кантип билдиребиз?

| | | | |
|---|---|---|---|
| Машина | жүрдү<br>кетти<br>келди<br>токтоду | Алмаз | уктады<br>турду<br>келди<br>тамактанды |

**265-көнүгүү. Төмөндөгү сөздөрдүн кайсылары этиштин өткөн чагын, кайсылары учур чагын, кайсылары келер чагын билдирет? Таблицага жараша бөлүп-бөлүп жазгыла.**

Концерт аяктады, саякатка барабыз, газета окуп жатат, комуз күүсүн уктук, сабак башталат, суу агып жатат, атка миндим, автобуска отурушкан, таң атты, шамал жүрүп жатат, кар жаайт, келгиндер келет, түн кирген, тамак бышты, шаарга барышкан, биздикине келишчү.

**Үлгү:**

| Учур чак | Келер чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| Жаан жаап жатат | Саякатка барабыз | Концерт аяктады |
| .... | .... | .... |

*Эсиңерге туткула!*

1. «Мен Ноорузду кандай тостум?» деген темада чакан дил баян жазып келгиле.
2. Ырды жаттап алгыла.

## СҮМӨЛӨК

*(Уламыш)*

Илгери өткөн заманда жаздын алгачкы айында калкты ачарчылык каптайт. Эл ичин өлүм-житим аралайт. Элдин айласы кетет. Эл тентийт. Тамак сурап, чыркыраган балдардын үнү басылбайт. Энелердин айлалары кетет. Мындай учурда адамдан амал качып кутулбайт тура. Ар ки-



миси колдорунда болгон тамак-аштарын ортого чыгарышат. Бирөөсү бир чымчым ун, экинчиси бир кашык майын, үчүнчүсү бир ууч талканын, дагы бирөөлөрү үч-төрт кагын чогултушат. Тамак-аш чоң казандын жарымынан болот. Ага толтура суу куюлуп, от жагылып, казан асылат. Ал кайнайын деп калганда кызыл чиедей тогуз баласын ээрчиткен жесир аял келет.

– Айланайын журтум, казаныңарга кошо турган эчтемем жок, мына тогуз тоголок таштан башка эч нерсе таппадым, жок дегенде мына бул тогуз балама ырыскы болуп кошо бышсын, – деп казанга салат.

Ал жакшылап демделип, муздагандан кийин идиштерге салынат. Андай ширелүү, касиеттүү тамакты эл сүмөлөк деп аташат. Аны жаш-кары дебей сөөмөйлөрү менен илип жешет. Ал бир айга жетет. Калк ачкачылыктан аман калат.

Ошол жылы эгин жакшы чыгат. Мол түшүм алынат. Калк токчулукка жетишет. Кийин сүмөлөк жаңы жылды тосуудагы салттуу тамакка айланат.

**кызыл чиедей** – *бул жерде:* өтө жаш деген мааниде

1. Уламышта айтылган окуяга ишенсе болобу? Эмне үчүн?
2. Сүмөлөк кантип жаңы жылды тосуудагы салттуу тамакка айланып калыптыр?
3. Сүмөлөк бышырганга катыштыңар беле? Анын даамын татып көрдүңөрбү? Силерге жактыбы?

Нооруз айтымын жаттап алгыла.

Жаңы жыл келди,
Эски жыл кетти.
Алас-алас-алас,
Ар балээден калас.
Айдан аман,
Жылдан эсен бололу.

Алас-алас-алас,
Ар балээден калас,
Келерки ушул жылга чейин,
Өсүп-өнүп тололу.
Алас-алас-алас,
Ар балээден калас!

*Нурмолдо*

## БӨЛҮМ БОЮНЧА КАЙТАЛОО

1. Жаздын келиши менен айлана-чөйрө кандай болуп калат экен? Бул тууралуу кайсы чыгармалардан окудуңар эле?
2. Жаз мезгилинде кайсы майрамдарды майрамдайт экенбиз? Алар тууралуу окуган чыгармаларыңарды айтып көргүлөчү.
3. Чарбактын жаралышына адамдын кандай салымы бар экен?
4. Үзүлбөй калган гүлдөр бактылуубу, же үзүлгөн гүлдөр бактылуубу?
5. «Нооруз – жаңылануунун майрамы». Бул майрам тууралуу эмнелерди билдиңер?
6. Сүмөлөк кандайча жасалып калыптыр?
7. Гүл жыттанган жаз мезгили силерге эмнеси менен жагат?

# Unit 1

## Lesson 1: Hello!

1. **Listen and repeat. Угуп, кайтала.**




2. **Listen and repeat. Угуп, кайтала.**



**3. Match. Дал келтирип, көчүрүп жаз.**

| | |
|---|---|
| I am Cinderella. | My name is Akyl. |
| I'm Ben 10. | What is your name? |
| I am Rapunzel. | I'm Cinderella. |
| My name's Akyl. | I'm Rapunzel. |
| What's your name? | I am Ben 10. |

**4. Complete the dialogue. Диалогду толуктап жаз.**

I'm Hi! name Bye My name's

Akyl: Hello!

Akylai: ________

Akyl: ________ Akyl.

What's your ________?

Akylai: ________ Akylai.

Akyl: Good bye, Akylai!

Akylai: ________, Akyl!



**5. Write your own dialogue. Диалог түз.**

A: ______________________

B: ______________________

A: ______________________

B: ______________________

A: ______________________

B: ______________________

**6. Act out your dialogue. Түзүлгөн диалогду ролдоштуруп окуп бер.**

# Lesson 2: Classroom language

**1. Listen and repeat. Угуп, кайтала.**



Listen.



Sit down.



Stand up.



Look at the blackboard.



Come to the blackboard.



I don’t understand.



May I come in?



May I go out?



Open your books.




Close your books.

**2. a) Listen, repeat and point. Сөздөрдү угуп, сүрөт менен салыштырып кайтала.**

**b) Cover the phrases. Look at the pictures and remember the phases. Сүрөттөгү фразаларды эске тутуп айтып бер.**

4. **Write.** Сүрөткө карап, кыймыл-аракетти сүрөттөп жаз.

Example: *1 – I don't understand.*




# Lesson 3: Instructions

1. **Listen and repeat.** Угуп, кайтала.






**2. a) Listen, repeat and point. Сөздөрдү угуп, сүрөт менен салыштырып кайтала.**

**b) Say an instruction. Your partner will point to the picture. Инструкцияны айт. Башка окуучу сүрөтүн көрсөтсүн.**

**c) Match the instructions and pictures in exercise 1. 1-көнүгүүдөгү сүрөттү инструкция менен дал келтир.**

Example: *match – d.*

| | | | |
|---|---|---|---|
| d | match | | unscramble |
| | read | | choose |
| | write | | circle |
| | cover the text | | trace |
| | complete | | point |

# Lesson 4: Let's read!

1. **Listen and repeat. Угуп, кайтала.**




2. **Listen, repeat and point. Сөздөрдү угуп, сүрөт менен салыштырып кайтала.**

3. **Read the words. Сөздөрдү оку.**



hen [e]



cat [æ]

4. **Read the words. Listen and check. Сөздөрдү окуп, угуп, текшер.**






[e] hen vet jet net






[æ] cat rat van mat

**5. Find the words that rhyme, write them down, and read them aloud. Уйкаш сөздөрдү таап, үн чыгарып окү.**

Example: *cat – bat.*

| | | | |
|---|---|---|---|
| cat  | pen  | red  | van  |
| man  | bat  | hen  | bed  |

**6. Listen, look and say. Сүрөттөрдү карап, угуп, айтып бер.**



hat



mat



cat

**7. Listen, read and say. Ук, оку жана айтып бер.**



Dan is on a mat.



A cat is in a hat.

*Н. Носов*

# ЖАНДУУ КАЛПАК

Мышыктын баласы Васька шкафтын артында отуруп, чымын кармап жатты. Ошол шкафтын эң чет жагында калпак турган эле. Васька калпактын үстүнө бир чымын келип конгонун көрдү. Секирип барып бир тийгенде, ал тырмагы менен калпакка жармашып калды. Васька калпактан ажырап жерге учуп түштү, калпак шкафтан жылбышып түшүп, аны үстүнөн жаап калды.

Үйдө Володя менен Вадик отурушкан. Алар арт жактан бир нерсенин түшкөндөй болгонун угушту. Володя бурулуп, шкафтын жанында жаткан калпакты көрдү. Ал калпакты өйдө алып коюу үчүн эңкейди да, күтпөгөн жерден «Ай-ай-ай!» деп кыйкырган бойдон четке чуркап чыга берди.

– Сага эмне болду? – деп сурады Вадик.

– Ал жа-жа-жандуу экен?

– Ким жандуу?

– Кал-кал-пак!

– Сага эмне болду? Жандуу калпак да болчу беле?

– Өзүң ка-кара-саң!

Вадик жакын келип калпакты карай баштады. Күтпөгөн жерден калпак түз эле аны карай жылды. «Ай!» – деп кыйкырып жиберди да, Вадик дивандын үстүнө чыга качты.

Володя анын артынан диванга секирип чыкты.

1. Вадик менен Володя эмне үчүн калпактан коркуп кетишти?
2. Силер алардын ордунда болсоңор эмне кылар элеңер?



Калпак бөлмөнүн ортосуна чейин жылып барып токтоду. Балдар аны карап туруп, корккондунан калтырап да кетишти. Аңгыча болбой, калпак бурулуп алып, диванды карай жылды.

– А-а-ай! – деп кыйкырып жиберишти балдар.

Дивандан ыргып түшүп, балдар бөлмөдөн чыга качышты. Ашканага чуркап киришип, эшикти жаап алышты.

– Бул эмне деген калпак? Ал эмне үчүн бөлмөдө жылып жүрөт? – деди Вадик.

– Балким аны кимдир бирөө жип менен тарткылап жатпасын?

– Барып көрчү.

– Бирге барабыз. Мен көсөө алам. Эгерде бизге тие турган болсо, анда мен аны көсөө менен урам.

– Мен дагы көсөө алайын.

– Биздикинде мындан башка көсөө жок.

– Анда мен лыжанын таягын алам.

Алар көсөөнү, лыжанын таягын алып, эшикти акырын ачышып, бөлмөнүн ичин карап турушту.

– Калпак кайда кеткен? – деди Володя.

– Тигине, столдун жанында жатат.

Калпак столдун жанында кыймылсыз жатат.

– Э-эй, корккон экен! – дешти балдар кубанып. – Бизди көздөй жылгандан коркуп жатат.

– Азыр мен аны коркутам, – деди Володя.

Ал столду көсөө менен такылдатып:

– Ай, сен, калпак! – деди кыйкырып.

Бирок калпак кыймылдабады.

– Кел, калпакты картошка менен урабыз, – деди Вадик.

Алар калпакты картошка менен ура баштаашты. Вадиктин урганы тийгенде, калпак өйдө ыргып:

– Мы-яу! – деп катуу мыёлоп жиберди.

Караса, калпактын астынан боз куйрук көрүнөт.

– Васька! – деп балдар кыйкырып жиберишти.

Вадик Васьканы кучактап:

– Байкушум, сен кандайча калпактын астында калдың? – деди.

Васька такыр жооп берген жок. Ал кырылдап, жарыктан көздөрүн жүлжүйттү.

*Которгон А.Акматов*

1. Балдар калпакты кантип коркутушмакчы болушту?
2. Калпактын астына мышык кантип түшүп калганын эстегилечи?
3. Бул окуяны окуганда силер кандай сезимде болдуңар?
4. Ушул сыяктуу кызыктуу окуялар силерде да болду беле? Эстеп, айтып көргүлөчү.

1. «Коркконго кош көрүнөт» деген сөздүн маанисин чечмелеп, өз оюңарды айтып бергиле.
2. Аңгеме боюнча өз алдыңарча сүрөт тартып келгиле.

## КАРЫШКЫР МЕНЕН ЖЕТИ УЛАК

*Орус эл жомогу*

Илгери-илгери бир эчки өзүнүн улактары менен токойдо жашаптыр. Ал эчки көк шибер чөпкө тоюнуп, муздак сууну бойлоп келүү үчүн ар күнү эртең менен үйүнөн чыгып кетчү экен.

Энеси кетер менен анын улактары үйдүн каалгасын бекитишет да, өздөрү эч кайда чыгышпайт.

Эчки үйүнө кайтканда, туяктары менен каалганы какылап, мындайча ырдачу экен:

Улактарым, чунактарым,
Ачкылачы эшикти!
Токойдо болдум мен, эчки,
Оттодум чөптү жайкалган,
Ичтим сууну кашкайган.
Сүт желинге жыйылды,
Туякты көздөй сызылды,
Төгүлүп жерди сүт кылды!

Улактары каалганы ачышып, энесин киргизишет. Эчки болсо улактарын эмизет да, кайрадан чыгып кетет. Ал эми улактары ошол замат эле каалганы бекитип алышат.

Карышкыр мунун баарын аңдып туруп угуп алат.

Эчки токойго кеткенден кийин аңдып турган карышкыр улактар жашаган жерге жетип келип, өзүнүн жоон үнү менен дарылдайт:

Улактар, чунактар,
Ачкыла эшикти эми!
Желинине сүт жыйып,
Туягына суу куюп,
Энеңер токойдон келди!

1. Жети улак менен энеси каякта жашаптыр?
2. Жети улактын энеси үйгө келгенде кантип ырдачу экен?
3. Балдар, силер кандай ойлойсуңар, улактар байкабай карышкырга эшик ачып беришеби?

Улактар болсо:

– Каңкуулабай эле коюңуз, бул энебиздин үнү эмес! Биздин энебиз мындайча дарылдабайт. Ал ичке үнү менен ырдайт. Эшикти ачпайбыз! Жогол! – дешет.

Ушинтип, карышкырдын үмүтү оңунан чыкпады.

Бир аздан соң эчки келди да, адатынча ырдады:

Улактарым, чунактарым,
Ачкылачы эшикти!
Токойдо болдум мен, эчки,
Оттодум чөптү жайкалган,
Ичтим сууну кашкайган.
Сүт желинге жыйылды,
Туякты көздөй сызылды,
Төгүлүп жерди сүт кылды!

Улактар энесин киргизишти да, алар карышкырдын кантип келгендигин, аларды жеп кетүүгө үмүттөнгөндүгүн айтып беришти.

Эчки улактарын тоюндурду да:

– Эгерде бул үйгө башка бирөө келип, жоон үнү менен, же меникинен башкача үн менен эшикти ачкыла

деп сураса – эч качан киргизбегиле! – деп улактарына эскертти.

Бул мезгилде карышкыр кыштактагы бир устага барып:

– Устаке, устаке, менин үнүмдү ичкерээк кылып жасап бериңизчи, – деп сурайт.

Уста анын үнүн ичке кылып жасап берет.

Эчки токойго кетери менен карышкыр улактар турган үйгө чуркап келет да, ичке үнү менен ырдай баштайт:

Улактарым, чунактарым,
Ачкылачы эшикти!
Токойдо болдум мен, эчки,
Оттодум чөптү жайкалган,
Ичтим сууну кашкайган.
Сүт желинге жыйылды,
Туякты көздөй сызылды,
Төгүлүп жерди сүт кылды!

Улактар энебиз го деген ой менен эшикти ачып жиберишти.

?

1. Улактар эмне үчүн карышкырга эшикти ачпай коюшту?
2. Карышкыр улактарды жеш үчүн кандай айла тапты?
3. Жомок мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар?

Карышкыр үйгө секирип кирди да, бардык улактарды сугунуп койду.

Бир гана улак, эң кичинеси, мештин ичине кире качып, бекинип калды.

Карышкыр болсо улактарды сугунуп алып, эч нерсени көрүп-билбегендей болуп кете берди. Ал бир бадалдын түбүнө жатып, ныксырап уктап кетти.

Эчки келип канчалык ырдаса да, эч ким жооп бербейт. Ал үйдүн ичине кирди эле, үй ээн турат. Мешти

ачып үңүлүп карады эле, бир кичинекей улагы корголоп калыптыр. Улак энесине бардык окуяны айтып берди.

Эчки башына түшкөн кайгыны билгенден кийин, терезенин жанына отуруп алып, кайгылуу үнү менен кошуп, ыйлай баштады:

Өхү, менин улактарым, садагалар!
Карышкырга жем болуп,
Эмнеге эшик ачтыңар?

Муну карышкыр укту да, үйгө жакындап келди. Эчки аны көрө коюп:

– Карышкыр, менин улактарымды сен жеп жүрбө? – деди.

– Койчу ары, эчки! Кантип мен ушул ишти кылам?

– Мейли, сен жебесең, жебегендирсиң. Андан көрө токойго барып, бир аз тамаша кылып келбейлиби?



Эчки карышкырды жардын ары жагындагы терең аңга ээрчитип барды. Бул аңдын ичине отунчулар от жагышкан экен.Анда кызыл чок үймөктөлгөн бойдон калыптыр. Муну көрө койгон эчки карышкырга кайрылып:

– Карышкыр, ушул аңдан кимибиз секирип өтөр экенбиз, сынашып көрбөйлүбү? – дейт.

– Макул! – дейт карышкыр.

Алар секире башташты. Эчки секирип өтүп кетти. Ал эми карышкыр секирди эле аңга кулап түштү! Анын курсагы чоктун ысык илебине чыдабай чарт жарылып кетти.

Андан улактар так секирип чыгышты да, энесин көздөй чуркашты! Алар аман-эсен үйлөрүнө кайтып келишип, мурдагысындай жашап калышты.

1. Карышкыр үнүн кантип эчкинин үнүнө окшоттуруп алды?
2. Карышкыр улактарын жеп койгондугун эчки кантип билди?
3. Эчки карышкырдан улактарын кантип кайтарып алды?

Жомокту ролдорго бөлүштүрүп аткарып көргүлөчү.

# ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУ ҮЧҮН ТЕКСТТЕР

*Тоголок Молдо*

## БӨДӨНӨНҮН ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАНЫ

Бөдөнөнүн кеби бар
Турумтай менен кыргыйда.
Толуп жаткан кеги бар,
Бул экөөнөн бөдөнө
Дайым жүрөт жашынып.
Эки жагын элеңдеп,
Эси чыгып ашыгып,
Жаткан жерин жазгырып.
Бытпылдыктап бакырып.
«Бытпылдык» деген дабышы
Чөптү кетет жапырып.
Бөдөнөнү түлкү аңдыйт,
Чакырган үнүн уккан соң,
«Бытпылдык» деген дабышы
Жакын жерден чыккан соң,
Аста басып аңдыды,
Басып калды түлкү акең
Бөдөнөнү учурбай.
Түлкү акең амал иштеди,
Баскан жерден тиштеди.

1. Бөдөнөнү түлкү колго кантип түшүрдү?
2. Жомок эми кандай уланат деп ойлойсуңар?
3. Түлкү бөдөнөнү коё бериши мүмкүнбү? Эмне үчүн?

Бөдөнө туруп ойлонду:
«Кутулсам түлкү оозунан,
Табайын мунун эбин,– деп,–
Жедирбейин тегин»,– деп.
– Арзымды уккун, түлкү аке!
Адал кылып жегин,– деп,–
Уккан болсоң сөзүмдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Оозуңда мен турамын,
Угуп жегин сөзүмдү.
Кулкулдабай тамагың,
Бул санакты санагын.
«Макул» деп түлкү ынанды,
Санамакка чыдады.

1. Бөдөнөнүн ойлоп тапкан амалы ишке ашат деп ойлойсуңарбы?
2. Башка кандай амал кылса болот эле деп ойлойсуңар?

«Бир» десе, түлкү «бир» деди.
«Эки» десе, «эки» деп,
«Үч» десе, түлкү «үч» деди.
«Төрт» десе, түлкү «төрт» деди.
«Беш» десе, түлкү «беш» деди.
«Акыңдан, түлкү, кеч! – деди;–
Аянбай, түлкүм, «алты» де,
Анык санап сен өткөн
Адалдын анты алты эле».
Акылдан түлкү шашканда,
«Алты» деп оозун ачканда,
Бөдөнө кетти кутулуп.

– Алтың менен аңга түш,
Айтпай койбой не болдум!
Ширин этин мен чайнап,
Эзип жебей не болдум!
Түлкү калды кайгырып,
Бөдөнөдөн айрылып.
Алдаганын бөдөнө
Айтып калды ыр кылып.

1.Бөдөнө түлкүнүн туткунуна кантип түшүп калды?
2. Бөдөнө андан кутулуу үчүн кандай айла издеди?
3. Куу түлкү акылдуу бөдөнөгө кантип алданып калды?

*М. Гапаров*

## БИР ШИҢГИЛ ЖҮЗҮМ

Бийик жардын түбүндө, өзүнүн караңгы үңкүрүндө бир коён жашоочу. Анын үч бөжөгү боло турган. Алардын улуусу өтө жоош, тил алчаак болгондуктан, коён аны Жоош деп, экинчисинин кулактары өтө узун болгондуктан, Узун кулак, а үчүнчүсүн – кенжесин тамакты көп сурагандыгы үчүн Сугалак деп атоочу. Коён бөжөктөрүн жүзүм менен багуучу.

Ал күн сайын токойго жүзүмгө кетип, а бөжөктөрү болсо үңкүрдө калышчу.

Бир күнү коён токойго жөнөрдө Сугалак:

– Мен да барам, – деди. – Мен сенин алып келгениңе такыр тойбойм. Ошондуктан токойго барып, жүзүмдү өз колум менен үзүп алып жеп келем.

Апасы ага каршы болду. Жоош менен Узун Кулак да аны колдошподу. Бирок Сугалак өз айтканынан кайтпай ыйлагандыктан, коён аргасыздан макул болду.

Ошентип алар эне-коён өзү гана каттап турган чыйыр жол менен токойго келишти.



1. Коёндун балдарынын аттары кандай экен? Эмне үчүн мындай аттар коюлуптур?
2. Сугалак коёнек энесинин тилин албай эмне кыла турган болду?

Токойдо жаңгактар, алмалар, алчалар, жүзүмдөр жана толгон-толгон жемиштүү дарактар өсүүчү. Мөмөлөрдүн бышып турган учуру эле. Жаңгактар да, алмалар да, алчалар да, жүзүмдөр да токойго кирген кишилерге: «Мени же, мени же» дешип, – чурулдашып, жалынып-жалбарып турушчу.

Сугалак ушулардын бардыгын көрдү, суктугу ого бетер артты. Колунан келсе токойдогу жемиштердин бардыгын жалгыз өзү эле жеп алгысы келди. Токойдо жемиштер көп болгону менен, бирок аларды дарактардын башынан алып жеш кыйын болчу. Коёндор даракка чыга алышпайт эмеспи.

Жемиштерди көрөрү менен Сугалактын көзү кызарып, чыдай албай жогору секирип көрдү, бирок кайрадан жерге күп этип жыгылып жатты.

Муну көрүп, алманын шагында алма жеп отурушкан маймылдар шарактап күлүп калышты. Бир аздан кийин жалгыз түп жүзүмдү көрүштү. Анда бар болгону эки шиңгил мөмө бар экен. Кантсе да Сугалак менен энеси сүйүнүп кетти. Коён өзүнүн болгон боюн созуп, жүзүмгө колун сунду, бирок жете алган жок. Анда эне-коён Сугалакты өзүнүн ийнине чыгарды. Акыры Сугалак жүзүмдүн эки шиңгилин тең үзүп түштү. Ошондогу экөөнүн кубанычтарын айта көрбөгүлө! Экөө жүзүмдүн бир шиңгилин бир заматта жеп коюшту. Курсактары тойду. Бирок Сугалак ач көз эмеспи.

– Мен экинчисин да жейм, – деди ал.

1. Сугалак коёнек кайда барды?
2. Эмне үчүн маймылдар Сугалакты шылдыңдап күлүштү?
3. Анын колунан өз алдынча тамак таап жеш келет бекен?

– Жок, – деди апасы, – калганын үйдө ачка отурушкан бир туугандарыңа алып барабыз. – Энеси калган бир шиңгил жүзүмдү ийнине артып алып келген жолуна түштү. Сугалак энесинин артынан ээрчиди. Жолдун теңине жеткенде, Сугалактын кайрадан жүзүм жегиси келди. «Бирди эле» – деди өзүнө-өзү убада берип. Анан жүзүмдөн бир даана алып жеди, бирок дагы жегиси келди. «Эми дагы бирди, андан башка жебейм», – деди да, экинчи жолу дагы бирди билгизбей үзүп жеди. Эми ого бетер жүзүм жегиси келди. «Эми акыркы жолу болсун», – деди да, өзүнө үчүнчү жолу убада берди. Бирок мунусу да акыркысы болгон жок. Ал кайрадан алып жей баштады. Ал бат эле бир шиңгил жүзүмдү бүт түгөтүп, апасынын жонунда жүзүмдүн сабагы эле калды. Апасы аны билген да жок, шыпылдай басып алдыга да кетип калды. Артта калган Сугалак корккончнан ыйлай баштады. Бир оокумда анын алдынан түлкү чыга келди.

– И-и, Сугалак, эмне ыйлайсың, эркем? – деди үнүн мээримдүү чыгарып.

– Апам кетип калды, – деди Сугалак.

– Анда кел, мени мин. Мен сени апаңа алпарам, – деди түлкү. Бирок түлкү калп айткан болчу. Түлкү жолдон алыс чыгып, сугалакты «ап» деп жутуп алды.

1. Сугалак коёнек энесинин жардамы менен алып жеген жүзүмгө ыраазы болдубу?
2. Анын чын эле сугалактыгын кантип билдиңер?
3. Сугалактыгынын айынан, ал кимге жем болду?

*М. Каримов*

## ТЕРЕГИМ

Көктү карай бой керген,
Менин мырза терегим.
Сен жетилип чоңойсоң,
Мага тиет керегиң.

Көлөкөлөп отурат,
Ийик ийрип чоң энем.
Чаңкап калса, чарчаса,
Чайын демдеп апкелем.

Терегимдин түбүнөн
Суу агат дайым шаркырап.
Мага ыраазы болгонсуйт,
Жалбырагы шуудурап.

Экөөбүз тең сүйүнүп,
Сүйлөшкөндөй болобуз.
Булбул сайрап, гүл жайнап,
Бөлөнөт шаңга корообуз!

Жашылданып жашарып,
Өсө бер, менин терегим!
Байкемдер үй салганда
Бизге тиет керегиң!

?

1. Теректин турмушта кандай пайдасы бар экен?
2. Теректин бийик, жакшы өсүшү үчүн кандай камкордук көрүү керек?
3. Ырды жаттап алгыла.

*Д. Сулайманов*

## ЭКИ ДОС

Шаардын түндүк жагында Ала-Арча деген кыштак бар. Мына ушул кыштакта Алтынбек жана Руслан деген эки бала жашайт.

Алтынбек менен Руслан коңшу турушат. Бул экөө дос. Бир класста окушат. Дайыма бирге ойношот. Жакын арада буларга теңтуш балдар да жок. Бири-бирин ушунчалык жакшы көрүшөт дейсиң, кокус бир эле күн көрүшпөй калышса, аябай сагынышып калышат. Колдорунда эмнеси болсо да: алмабы, конфетпи дайыма бөлүшүп жешет. Булардын мындай ынтымактуулугуна башка балдар да, ал гана эмес чоң кишилер да көз артышат. «Жакшы балдар экен» – дешип мактап өтүшөт.



Эки күндөн бери бул эки дос бирге ойнобой калышты. Кокус сыртка чыгып, бири-бирин көрүп калышса, кайра үйлөрүнө кире калышат да, үйдүн жол жакты караган терезесине келип көчөнү карап турушат. Сыртка чыгып, бири-бири менен ойногулары келет, бирок ага батына алышпайт, көздөрүн жуумп калышат…

1. Алтынбек менен Руслан кандай достордон болушуптур?
2. Алардын достугуна кимдер суктанышчу экен?
3. Эмне үчүн эки дос бирге ойнобой калышты деп ойлойсуңар?

Эки достун бири-бири менен ойнобой калгандыгына алардын ата-энелери анча баа беришкен жок. Башка балдар гана бул экөөнүн таарынышып калганын сезип жүрүштү.

Булардын бири-бири менен ойнобой калганы мындай болду: жумуштан келген Русландын атасы бир балмуздакты Русланга берди. Алтынбек анын жанында турган. Руслан балмуздакты алып шарт эле дарбазанын эшигин ачып, короого кирип кетти. Алтынбек көпкө чейин күттү. Бирок Руслан чыккан жок. Алтынбек шилекейин кылк жутту да, үйүнө жөнөдү. Таарынып калды. «Бир эле тиштетип койсо боло?!»

Мына эми Руслан чыдай алган жок. Сыртка чуркап чыкты да, түз эле Алтынбек карап турган терезенин тушуна келип кыйкырды:

– Алтынбек! Кел ойнойбуз!

Алтынбек да бардыгын унутуп, чуркаган бойдон көчөгө чыгып, Русланды кучактап калды.

– Эми балмуздак болсо бөлүшүп жейбиз ээ? - деди Руслан суроолуу карап.

– Макул, – деди Алтынбек.

Мындан кийин алар эч нерсе болбогон немедей моюндарынан кучакташып басып кетишти.

1. Эки достун таарынышып калгандыктарынын себеби силер ойлогондой болдубу?
2. Алар эмне үчүн таарынышып калыптыр?
3. Экөө кантип элдешишти?
4. Бири-бирине таарынып жүргөн туура бекен?
5. Силерде да ушул сыяктуу учурлар болду беле?

*Б. Абдухамидова*

## БАЛАПАНДАР

Эрте жазда келишкен жуп чабалекей улам үйгө учуп кирип-чыгып жатышты. Өздөрүнүн тилинде сүйлөшүп, уя салуунун масилетин кылып жатышкандай. Сөрүнүн шыбына уя салууга киришишти. Улам бири чөп-чар тиштеп келип мыктылап, «кыш куюп ылай жасабай, ичи-тышын шыбабай» кооз уя салып коюшту. Ага-инилер Азат менен Канат эң алгач үйгө кирип-чыгып жаткан чабалекейлерди кызыга караганы менен, кийинчерээк анча деле көңүл бөлбөй коюшкан. Экөө үйдө да, тышта да ынтымактуу ойношот, эгиздердей ээрчишип.

Арадан бир топ күндөр өттү. Сырттан учуп кирген жуп чабалекейдин бири уяга жакындаганда чыйпылдаган балапандардын үнүн, болор-болбос көрүнгөн баштарын эң биринчи болуп Канат байкады. Атасына колкабыш кылып жаткан Азатка бул жаңы көргөн жаңылыгын айтууга чуркады. Экөө кайра тызылдаган бойдон сөрүгө чыгышып, балапандарды көрүүгө аракет кылышты. Аңгыча дагы бир чабалекей жем тиштеп учуп келип, сары ооз балапандарына жедире баштады. «Чик-чирик» деп назик үн чыгарышкан балапандар бири-биринен талаша ооздорун ачып, жемге умтулушту. Экөө канчалык мойнун созуп, буттарынын учу менен туруп аракет кылса да, жем талашкан балапандарды даана көрө алышкан жок.



## § 23. Суу жана анын касиеттери. Жаратылышта суунун айланышы



Суу биздин планетанын көп бөлүгүн ээлейт. Жаратылышта океандар, деңиздер, көлдөр, саздар, өзөндөр сууга толуп турат. Адамдын колу менен түзүлгөн жасалма көлмөлөр, суу сактагычтар, каналдар бар. Жердин түпкүрүндө жана ал түгүл абада да суу бар. Жердеги жашоо дагы суунун натыйжасында пайда болгон жана сакталып турат. Суу ар кандай тирүү организмдин курамына кирет. Ал өсүмдүктөрдүн бардык бөлүктөрүндө бар. Мөмөлөрдүн













шириеси – бул эритилген түрдүү заттары бар суу. Биздин организм негизинен суудан турат. Күн сайынсуу менен толуктоо үчүн чоң адамга эки литрден ашык суу керек. Ал канда да бар, суунун жардамы менен организмден зыяндуу заттар чыгарылат. Суусуз өсүмдүк да, жаныбарлар да жашай албайт. Суу электр станцияларда өнөр жайлык максаттарда пайдаланылат. Суу – Жердин негизги байлыктарынын бири. Ал тунуктугу, агуучулугу сыяктуу көп касиеттерге ээ, түрдүү заттарды эритүүгө жөндөмдүү. Суу үч: суюк, катуу, газ абалында болушу мүмкүн.

**Эстеп калгыла!**

- Чыпкалоо – бул сууну эрибеген кошундулардан тазалоо.
- Суу – тунук, түссүз суюктук, жыты болбойт. Суу ысытууда кеңейет, ал эми муздатууда кысылат. Суу көп заттарды эритет.

1. Жаратылышта суу кандай абалдарда жолугат?
2. Тиричиликте суунун түрдүү заттарды эритүү касиети кайда колдонуларын айткыла.
3. Колду, идишти жууганда суунун кандай касиеттерин пайдаланасыңар?
4. Аяздуу күнү таман алдындагы кар эмне үчүн кычыраарын түшүндүргүлө.

Суу тынымсыз айлануу абалында болот. Күндүн нурлары биздин планетанын бетин ысытат. Суу бууга айланат жана деңиздердин, өзөндөрдүн, көлдөрдүн бетинен, топурактан абага көтөрүлөт. Суу жылдын каалаган мезгилинде, ал түгүл аяздуу кышта да бууга айланат. Силер нымдалган чүпөрөк менен класстык досканын бетин сүрттүңөр, бир нече мүнөт өткөндөн кийин доска кургак болуп калат. Анда суу бууланды, башкача айтканда бууга – тунук, түссүз газга айланды.

Суу буусу – бул газ түспөлдүү абалдагы суу. Суу буусу бийиктикте муздак суу тамчыларына айланат. Ушул тамчылардан булут түзүлөт. Кээде шамал аларды абдан алыс аралыкка айдап кетет. Акырындык менен булуттагы суу тамчылары чоңоёт, оорлошот жана жерге жамгыр же кар түрүндө түшөт. Жаратылышта суунун айланышы ушундайча болот.




Жаратылышта суунун айланышы




0 °C жана андан төмөн температурада суу тоңот жана музга айланат.

Муз күкүмдөрү бийиктеги булуттарда да түзүлөт. Алар бири-бири менен биригип, кар бүртүктөрүнө айланышат жана жерге түшөт.

Муз жана кар – бул катуу абалдагы суу. Силер суу муздаганда кысыларын билесиңер. Бирок музга айлануу менен ал кеңейет. Мына ошондуктан кээде кышында суу түтүктөрү жарылып, жылытуу иштен чыгат. Суу тоңгондо кеңейип, түтүктүн капталдарын түртөт жана алар жарылып кетет.

**Эстеп калгыла!**

- Суу жаратылышта үч: суюк, катуу, газ абалында болот.
- Суу дайыма айланып жүрөт: жер бетинен бууланат, булутту түзөт, жамгыр жана кар түрүндө жерге кайтып келет.

1. Көлчүк жамгырдан кийин качан тез кургайт: жайындабы же күзүндөбү?
2. Жаратылышта суунун айланышынын кандай мааниси бар?
3. Эмне үчүн чайнек кайнаганда буу пайда болот?

1. Эгерде Жерде тузсуз суунун запасы түгөнсө эмне болорун ойлонгула. Муну кантип болтурбоо керек?
2. * Суу тамчысынын саякаты жөнүндө жомок ойлоп тапкыла.



## § 24. Кыргызстандын көлмөлөрү

Көлмөлөр табигый жана жасалма болот. **Табигый көлмөлөр** – булар өзөндөр, көлдөр, саздар, булактар. Аларды жаратылыш түзгөн. **Жасалма көлмөлөр** – кол менен түзүлгөн көлмөлөр, каналдар, суу сактагычтар. Аны адамдар түзгөн.

Биздин өлкө сууга бай. Минералдуу булактар көп болгондуктан Кыргызстан «күч-кубат берүүчү суулардын» өлкөсү деп аталат. Тоо чокуларын мөңгүлөр каптап, алар буурakandап аккан көптөгөн суулардын башаты болот. Эң бийик Эңгилчек мөңгүсү өлкөбүздүн чыгышында жайгашкан. Кыргызстандын башкы дарыясы – Нарын. Ал мөңгүлөрдөн башталат. Бул кубаттуу, күчтүү дарыя. Нарын дарыясында электр станциялары курулган. Алардын эң ириси – Токтогул. Кыргыз эл акыны Нинакан Жүндүбаева «Нарыным» деген ырында минтип жазган:

Тоо суусунан топтолушкан Нарыным,
Оттой жалт-жулт чагылышкан агымың.
Тоо гүлүнүн чыгын чылап койгондой,
Жан сергиткен жыты сонун шарыңын.






Суунун жана көлдүн схемасы

Ар бир дарыянын башаты бар. **Башат** – бул дарыянын башталышы. Суу көлгө, деңизге же башка дарыяга куйган жер **суунун чаты** деп аталат. Суу аккан сай – бул **нук**. Суунун оң жана сол жээги болот. Эгерде суу аккан жакты карасаң, анда оң жагы – оң жээк, ал эми сол жагы сол жээк болот.

Кыргызстанда көл көп. Акма көл жана туюк көл болуп айырмаланат. **Акма көл** – бул суу куюп жана андан агып чыккан көл. Мындай көлдөрдүн суусу тузсуз болот. **Туюк көлгө**



Ысык-Көл



Соң-Көл

суулар куят, бирок андан суу агып чыкпайт. Мындай көлдөрдүн суусу туздуу болот.

Ысык-Көл туюк көл. Ага 80 суу куят, бирок андан бир дагы суу агып чыкпайт.

Соң-Көл – Кыргызстандагы эң ири тузсуз көлмө. Ага 18 суу куят, андан бир гана Кажырты суусу агып чыгат.

Чатыр-Көл – чоңдугу боюнча үчүнчү көл. Бул туюк көл. Ал бийик тоодо, Ак-Сай өрөөнүнүн батыш четинде жайгашкан.



Чатыр-Көл



Саз

**Саз** – табигый суу сактагыч. Ал жаратылыштын өтө зор чыпкасы катары кызмат өтөйт. Суу калың өскөн саз өсүмдүктөрү жана чым көңдүн калың катмары аркылуу өтүп, саздагы суу чаңдан, зыяндуу заттардан, оору жаратуучу бактериялардан тазаланат. Саз – көптөгөн өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жашаган жайы. Кыргызстанда **саздар** аз.

Жаратылышта жана адамдын жашоосунда көлмөлөрдүн мааниси абдан чоң. Өзөндөрдүн жана көлмөлөрдүн жээктеринде адамдар эс алышат, сууга түшөт, күнгө кактанат. Суу сактагычтардын жана каналдардын суулары талааларды сугаруу үчүн пайдаланылат. Жасалма көлмөлөргө балык өстүрүлөт. Көлмөлөр таза болуу шарт! Ага талаалардан жер семирткичтер жана уу химикаттар, бензин менен майлоочу майлар, ишканалардан агып чыккан суулар жана ар кандай таштандылар түшпөөгө тийиш.





**Эстеп калгыла!**

- Демейдеги таза суу – жаратылыштын байлыгы, суусуз жашоо жок жана болушу да мүмкүн эмес.
- Тааныш эмес жердеги сууга эч качан түшпөгүлө! Түбүндө сынган бөтөлкө жана башка кооптуу нерселер болуп калышы мүмкүн.
- Аккан суудан, көлдөн, көлмөдөн суу ичпегиле. Анда зыяндуу заттар жана оору жаратуучу микробдор болушу мүмкүн.

1. Өлкөбүздүн кандай көлмөлөрүн билесиңер?
2. Жасалма жана табигый көлмөлөрдүн ортосунда кандай айырма бар?
3. Кыргызстандын кандай жасалма көлмөлөрү силерге белгилүү?
4. Канал өзөндөн, көл суу сактагычтан эмнеси менен айырмаланат?
5. Эгерде бузук крандан суу агып жатканын көрсөңөр эмне кыласыңар?

* «Сууну сакта!» плакатын жаса. Плакатты презентациялоо үчүн өз командаңарга класссташтарыңарды тарткыла.

## Жер астындагы падышачылыктын сырлары

Республикабыздын түштүгүндө күнөстүү тоо этегиндеги Араван менен Ак-Буура сууларынын ортосунда жомоктогудай жер астындагы өлкө – Чил-Устун жайгашкан. Анын үч кенен залы 370 метр узундукка созулат. Үчүнчү залы өзгөчө таасир калтырат. Анын узундугу 100 метр, туурасынын айрым жерлери – 50 метр, бийиктиги – 20 метр.

Залды көптөгөн жаркырак түркүктөр тиреп турат. Капталдары кристаллдар жана таш оймо-чиймелер менен атайылап коодолгон сыяктанат. Кристаллдар үн чыгарбайт. Алар





Чил-Устун үңкүрү

өткөн кылымдын сыйкырдуу музыкасын сактап тургандай, кичине эле жел кирсе үн чыгара баштайт. Кадимки эле суу үңкүр ичинде ушундай кызык дүйнө жаратары таң калыштуу нерсе. Суу жер астындагы жолу менен акканда кара туз, акиташ, гипс сыяктуу тоо тектерин эритип, ийри-муйру жолдорду салат.

Эритинди суунун тамчылары агып баратып, үңкүрдүн шыбына тамып калат. Ал тамчылар бир кезде үзүлүп түшкөндө көзгө байкалбаган көбүкчөгө айланат. Ошентип, үстү-үстүнө тамчылай берип, узак мезгил өтүп, салааланган таш музу – *сталактит* пайда болот.






Сталактиттен бууланбай калган суу үңкүрдүн түбүнө бир эле жерге түшө берип, акырында ал жерге акиташ конусу – *сталагмит* өсүп чыгат. Сталактит жана сталагмит бири бирине кошулуп, үңкүрдүн шыбын тиреп турган акиташ мамыларын түзөт. Үңкүрдүн бул мамылары менен капталдары сууда эриген тоо тектерине жараша ак, мала кызыл, жашыл жана башка түстөрдө болот.

**Эстеп калгыла!**

- Үңкүргө даярдыгы бар адам гана түшүүгө болот.
- Ар бир үңкүрдө жер астындагы өзгөчө дүйнө бар.
- Жаратылыш түзгөндөрдү бузууга болбойт.

1. Жер астындагы үңкүр суунун кайсы касиеттеринен пайда болгон?
2. Үңкүрдү изилдөөчү адамдар эмне деп аталат?
3. * «Жер астындагы падышачылыктын сырлары» деген кичинекей китепче жасагыла.
4. * Үңкүр жөнүндө презентация даярдагыла.

## Жырткыч да, куш да эмес

*(Тамсил)*

Бир күнү илбирс бардык жырткычтардан салык чогулта баштады. Ал бир үңкүргө кирсе, ээси мындай деди: «Мен учам, ошондуктан, жырткыч эмесмин. Салык төлөбөйм».

Канаттуулардын падышасы бүркүт да бардык учуучулардан салык чогулта баштайт. Ал ошол эле үңкүргө келсе, ээси мындай дейт: «Мен учканым менен канаттуу эмесмин, жырткычмын. Салык төлөбөйм».

Үңкүрдүн кожоюну ким болгонун айткыла?

## § 25. Кыргызстандын токойлору



Сары-Челек коругу

Өсүмдүк жалгыздыкты жактырбайт. Алардын бири биринен алыс өскөнү сейрек кездешет. Көбүнчө бири бирине тыгыз, жанаша, топ-топ болуп өсөт.

Адамдар өсүмдүктөрдүн мындай өзгөчөлүгүн байыртадан эле байкашып, анын сырларын билүүгө аракеттенишкен. Көрсө, күндүн жарыгы менен нымга байланыштуу болот экен. Жылуулук жана ным кайсы өсүмдүк каерде, ошондой эле кайсы өсүмдүктөр жанаша өсүүсүн башкарат. Ар бир өсүмдүктөрдүн тобу өзүнчө аталышка ээ: саз, талаа, шалбаа, токой.

Токой – биздин планетанын жашыл «өпкөсү». Ал тирүү организмдерди кычкылтек менен жабдып турат. Абаны чаңдан жана уулуу газдардан тазалайт. Көптөгөн бак-дарактардын жалбырактары өзгөчө заттарды бөлүп чыгарып, андан оору жаратуучу микробдор өлөт.

Токой – көлмөлөрдүн коргоочусу. Ал нымды кармап турат. Суу боюна өскөн токойду кыркса, суу тайыздап кетет.




Кыргызстандын өсүмдүктөрүнүн картасы

Токой – жердин кыртышын да коргойт. Шамал менен суу токою кыйылган жерлердин топурагын бузуп салат. Токой тоо этектеринин кыртышын сактайт.

Токой – өсүмдүктөр менен жаныбарлардын үйү, адамдардын эс алуучу жайы. Токой ден соолукту чыңдайт, маанайды жакшыртат. Адамга мөмөжемиш, дары-дарымек өсүмдүктөрүн, козу карын, дептер жана окуу китептери жасалчу жыгачты берет.

Кыргызстан – тоолордун өлкөсү. Ошон-



Арча токою



Кегети капчыгайы

дуктан, биздин токойлор туташ өспөстөн, тоо капталдарына өсөт. Көбүнчө карагай, көк карагай жана арча токойлору кездешет. Эң чоң аянтты арча токойлору ээлейт. Илгери арчадан бешик жасашкан.

Арчанын жыты абаны тазалайт, анын жытына курт-кумурскалар жолобойт.



Тянь-Шань карагайы чагылгандуу жаандын алдында электромагнит талаасын пайда кылганы менен өзгөчөлүү. Мындай учурда ал өтө зор шамды элестетет.

Зараң токою Фергана жана Чаткал тоо кыркаларынын капталдарында өсөт.

Нарын, Ат-Башы, Талас, Чаткал, Суусамыр өрөөндөрүндө токой сакталып калган. Алар суу жээктериндеги бадал, чычырканак аралаш өскөн токой болуп саналат.

Өлкөбүздүн түштүгүндө жаңгак токою бар. Ал дүйнөдөгү сейрек кездешкен байыркы токой болуп эсептелет. Арасында жапайы алма, алмурут, кара өрүк, чие, мисте өсөт. Бирок ал



Жаңгак токойлору

токойдун падышасы жаңгак болуп эсептелет. Мындагы айрым дарактардын жашы 2000 жылга жетет. Бул кайталангыс токой. Жаратылышта ал бөлөк жерде жолукпайт. Европанын жылуу өлкөлөрүндө жаңгакты жасалма жол менен плантацияларда өстүрүшөт.

Адамдар жаратылыштын кымбат белегин барктоого жана сактоого милдеттүү. Токойго акыр-чикир, айнектин сыныктарын, консерва банкаларын таштоого болбойт. Өтө зарыл болбосо, токойдо от жагууга тыюу салынат.



**Эстеп калгыла!**

- Өсүмдүктөргө аяр мамиле жасоо – бардык жандууларга кам көрүү дегендик.
- Абанын тазалыгы токойдун абалына жараша болот.

1. Силер Кыргызстандын токойлору жөнүндө эмнелерди билдиңер?
2. Токойдун мыкты өсүшү абанын тазалыгынан болуп жүрбөсүн?
3. Мекенибиздин токойлорун таза жана жакшы сактоо үчүн силер эмне чара көрөсүңөр?

1. Токой коргоого муктаж экенин далилдегиле.
2. * Өзүңөр жакшы көргөн өсүмдүк жөнүндө аңгеме түзгүлө.

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ САКТАЙБЫЗ

## § 28. Жаратылышты сактоо

### *Кызыл китеп*

Жоголуп бара жаткан жаныбарлар,
Жана да аз кездешкен канаттуулар,
Жаратылыш дүйнөсү кайталангыс –
Жыландар жана жырткыч айбанаттар,
Ал түгүл сейрек калган гүлдөр, чөптөр
Корголот дайым «Кызыл китеп» менен.
Бул болсо коңгуроону кагып турат,
Жаратылыш дүйнөсү кооптуу деген!

*Б. Дубровин*

Кызыл китеп дегенди силер кандай түшүнөсүңөр?



Кыргыз ССРинин Кызыл китеби (Фрунзе, 1985-ж.) – биринчи басылышы. Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби (Бишкек, 2007-ж.) – экинчи басылышы.

Адамдын Жердеги ишмердиги өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын көп түрлөрүнүн жок болушуна, айрым жаныбарлар өтө эле азайып, жаратылышта жолуктурууга кыйындап бараткандыгына алып келди. Күн сайын Жер жүзүнөн жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн кайсы бир түрү жок болуп жатканын окумуштуулар эсептеп чыгышкан. Жаратылыштын кайталангыс дүйнөсүн сактап калууга шашылыш чара көрүү керектигин адамдар түшүнө баштады Кы-

# Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген жаныбарлар жана сойлоочулар



Илбирс



Манул



Карышкыр



Варан



Мензбир суурy



Тоо эчки, аркар



Орто Азия ташбакасы



Кадимки сүлөөсүн

# Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген өсүмдүктөр жана курт-кумурскалар



Кадимки Махаон



Семёнов көк карагайы



Корольков көк шимүүрү



Грейг мандалагы



Айгул гүлү



Аполлон көпөлөгү



Мамыры



Корольков аронниги

## Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген канаттуулар


Ак чардак


Тоодак


Бозомтук айры куйрук


Турна


Куркулдак ак куу


Кузгун

зыл китеп мына ушунтип жаралган. Ага миңдеген жылдарда пайда болуп, адамдын күнөөсү менен жок болуп кетүү коркунучунда турган жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрү киргизилген. Китептин мукабасынын кызыл түстө болушу да кокусунан эмес. Кызыл түс – коркунучтун кабарчысы!

Кызыл китеп – бул кырсыктын белгиси эле эмес, жок болуу коркунучундагы сейрек түрлөрдү сактоо боюнча иш-

аракеттердин программасы. Кызыл китепке киргизилген түрлөрдү сактоо жоопкерчилиги эң биринчи кезекте алар аймагында байырлаган мамлекетке жүктөлөт.

Кыргызстандын Кызыл китебине жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, козу карындардын 210дон ашык түрү киргизилген. Алар мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат.

**Эстеп калгыла!**

Кызыл китеп – сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучундагы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмеси.

Кызыл китеп деген эмне? Эмне үчүн ал ушинтип аталат? Кызыл китеп эмне үчүн түзүлгөн?

* Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген бир жаныбар же өсүмдүк жөнүндө маалымат даярдагыла. Аны сүрөттөп, кайда байырлаганы (өскөнү), эмне үчүн Кызыл китепке киргизилгенин айтып бергиле? Бул үчүн кошумча адабиятты пайдалангыла.

### *Кыргызстандын коруктары*

Кыргызстандын жаратылышы бай. Бирок анын байлыгы чексиз эмес. Жаратылышты коргоо – адамзаттын эң маанилүү милдеттеринин бири.

Жаратылышты сактоо үчүн адамдар өзгөчө корголуучу аймактарды – коруктарды жана жаратылыш парктарын түзүшөт. Бул жерде сейрек кездешүүчү жаныбарлар жана өсүмдүктөр коопсуз болушат. Коруктарда аңчылыкка, балык уулоого, дарактарды кыюуга, чөп чабууга тыюу салынат. Бул жерде өсүмдүктөрдү жулууга, козу карындарды, мөмөлөрдү терүүгө, от жагууга болбойт. Коруктарда курулуш курууга, автотранспорттун жүрүшүнө, жол салууга тыюу салынган. Адамдар коруктарга бара алышат, бирок ал жердин эрежелерин сактоого милдеттүү.

Коруктардагы жаныбарларды изилдешип, кышында тоюттандырып, алардын санына байкоо жүргүзүшөт. Коруктардын кызматкерлери бак-дарактардын көчөттөрүн отургузушат. Мунун бардыгы жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн кайталангыс дүйнөсүн сактоо үчүн жасалат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын аймагында болжол менен өзгөчө корголуучу 100гө жакын аймак бар. Булардын ичинде 10 корук жана 9 улуттук парк бар.

**Эстеп калгыла!**

- Коруктар – бул өзгөчө корголуучу аймактар, мында өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү сакталат.
- Жаратылыш парктары жана коруктар бүткүл дүйнөдө бар. Алардын шарапатында көптөгөн жаныбарлар жана өсүмдүктөр жок болуудан.




Кыргыз Республикасынын коруктары

1. Картаны карагыла. Кыргызстандын кайсы облустарында коруктар жайгашканын аныктагыла.

✱ 2. Бул белгилерди карагыла. Белгилерде жаратылыштын досторунун эрежелери тартылган. Ушул эрежелерди атагыла.







3. Адамдар жаратылыштагы жүрүм-турумдун дагы кандай эрежелерин сактоого тийиш экенин ойлонгула?

1. Жаратылыш коргоого муктаж дегенге макулсуңарбы? Өз жообуңарды түшүндүргүлө.
2. Коруктарда кайталангыс өсүмдүктөр жана жаныбарлар кандай корголорун айтып бергиле.
3. Мектеп окуучулары коруктарга кандай жардам бере аларын ойлонгула. Сунушуңарды дептерге жазгыла.

## Экология деген эмне?

Бардык тирүү жандыктардын жана жансыз жаратылыштын бардык түрлөрүнүн ортосунда көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн өтө көп сандагы байланыш бар.

**Экология** – бул тирүү жандыктардын өздөрүн курчап турган чөйрө менен байланышын изилдөөчү илим. Мисалы, жаныбарлардын суу, Күн, өсүмдүктөр, башка жаныбарлар жана адам менен байланышын; өсүмдүктөрдүн болсо суу, аба, бөлөк өсүмдүктөр жана адам менен байланышын изилдейт. Адам өзүн курчап турган жаратылыш менен кандайча байланышып, ага кандай таасир этерин үйрөтөт. Тирүү жандыкты курчап тургандар жана аны менен байланышкандардын бардыгы чөйрө деп аталат.




Жандуу жана жансыз жаратылыштын байланыштарынын схемасы

«Экология» гректердин «экос» – үй жана «логос» – илим деген сөздөрүнөн түзүлгөн. Демек, экология Жердеги бардык жандуулар жашаган үйү, жаратылыштын үйү жөнүндөгү илимди билдирет.

Ушул байланыштарды изилдеген окумуштуулар *экологдор* деп аталат. Экологдор чарбаны кандай жүргүзүүнү жана курчап турган чөйрөгө жана өзүңө зыян келтирбөө жөнүндө адамдарга айтып бере алышат.

?
1. Сүрөттү карагыла. Мында жандуу жана жансыз жаратылыштын кандай өз ара байланыштары чагылдырылган?
2. Ушундай байланыштарга мисал келтиргиле.
3. Экология деген эмне?
4. Экология – абдан баалуу илим экенин далилдегиле.
5. * Дептерге карагайдын сүрөтүн тарткыла. Ушул дарак үчүн эмне курчап турган чөйрө болорун аныктоого аракеттенгиле, ушул объекттин сүрөтүн тарткыла.













# АПАЛАРДЫН МАЙРАМЫ

1910-жылы 8-мартта Даниянын борбору Копенгаген шаарында Аялдардын Эл аралык конференциясы болуп өткөн. Бул конференцияга дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн аялдардын өкүлдөрү катышкан. Ал конференцияда Клара Цеткин менен Роза Люксембург 8-мартты жыл сайын аялдардын «Эл аралык күнү» катары белгилөөнү сунуштаган. Ошол күндөн баштап дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө 8-март аялдардын эл аралык майрамы катары өткөрүлүп келе жатат.

Дүйнөдө энеден кымбат жана ыйык адам жок. Ошондуктан бул күнү апаларыбызды, эже-карындаштарыбызды, сүйүктүү эжелерибизди майрамы менен куттуктап, белектерибизди тартуулайбыз.





# ЭНЕКЕМ

Сөзү К. Самсалиевдики

Музыкасы Ж. Сагынбаевдики




Ай энекем, энекем,
Мээримин бир дары экен.
Эс тарткандан баамдасам,
Сыйкырлуу күч бар экен (2 жолу).

Ай энекем, энекем,
Мээнетиңди ченесем.
Таразалап, салмактап,
Өмүрлүк (го) бересем *(2 жолу).*

Ай энекем , энекем,
Ар убакта кеңешем.
Каалаганым узун өмүр,
Алтын энем, берекем! *(2 жолу).*

## Суроолор жана тапшырмалар

1. 8-март кандай майрам?
2. Б. Асакееванын «Апакемди сагынам» аттуу ырын уккула.
3. Ж. Сагынбаевдин «Энекем» ырын жаттагыла.

# НООРУЗ МАЙРАМЫ

Нooруз – Борбордук Азия, жакынкы чыгыш элдеринде илгертеден бери жаз мезгилинде жаңы күн катары майрамдалып келе жатат. Анткени 21-март күнү күн менен түн теңелип, жер жылып, көктөм келет. Жаратылыштын мына ушул мезгилде жаңыланып баштаган жашоосун «Нooруз – жаңы жыл», «жаңы күн», – деп белгилеп, улуу майрам катары эсептешкен.

Бул күнү кыргыздар арча, адырашман, чекендини күйгүзүп, үй ичин жана мал короо-жайын: «Алас, алас! Ар балээден калас! Эски жыл кетти, жаңы жыл келди. Жер жарылып чөп чык, желин айрылып сүт чык!» – деп аласташкан.

Дасторконго сүмөлөк, көжө сыяктуу улуттук тамактарды жайнатып, улуттук, майрамдык кийимдерин кийишип бири-бирине жакшы каалоо-тилектерин айтышып, бүгүнкү күнгө чейин майрамдап келүүдө.





# ЖАРАМАЗАН

Сөзү, музыкасы элдики, иштеп чыккан А. Жээнбай

Желдире



Ат - са - лоом а - лей - кум жа - ра - ма - зан,
Он э - ки/ай-да бир кел- ген о - ро - зо - жан.
О - ро - зо - го со - юл - ган ка - ра ко - зу,



О - ро - зо - ңуз ка - был бол- сун бай а - ке - жан.



А - дыр, а - дыр (ай) тоо - лор - дон,



Ай- гыр ми - нип (ай) биз кел- дик. Ай-гыр ба - шын (ай) тар-тал-



бай, У - шул үй - гө (ай) туш кел- дик. Ай- гыр ба - шын



(ай) тар - тал - бай, У - шул үй - гө (ай) туш кел-дик.

*Кайырма:* Адыр, адыр (ай) тоолордон,
Айгыр минип (ай) биз келдик.
Айгыр башын (ай) тарта албай,
Ушул үйгө (ай) туш келдик.

Жарамазан айтып келдик эшигиңе,
Ак кочкордой уул берсин бешигиңе.
Айлыңарды каптасын ак *маараке*,
Ар күн сайын той болсун эшигиңде.

*Кайырма:* Бодур, бодур (ай) тоолордон,
Бука минип (ай) биз келдик.
Бука башын (ай) тарта албай,
Ушул үйго (ай) туш келдик.



# АКИМЖАН ЖЭЭНБАЙ (1946)

Акимжан Жээнбай – Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, композитор.

Акимжан Жээнбай 1965-жылы Ош шаарындагы педагогикалык институтунун музыка факультетине кирет. Институтта бир жыл окуу ичинде, Акимжандын музыка жазууга болгон шыгы билинет. Ал музыкант болуу үчүн атайын билим алуу керек экендигин сезип М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын теориялык-композитордук бөлүмүнө өтөт. Анда, М. Абдраев, А. Жаныбеков сыяктуу белгилүү устаттардан билим алат. Музыкалык окуу жайды ийгиликтүү аяктаган Жээнбай Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунда билимин улантат.

А. Жээнбай өзүнүн чыгармачылыгында көбүнчө кыргыз элинин салттык музыкасына көңүл бурат. Композитордун чыгармачылык жүзү, анын алгачкы чыгармаларынан эле байкалат. Ал студент кезинде эле фортепиано үчүн «Күү», «Сюита», «Үч кербез» түрмөгү сыяктуу чыгармаларды жазат. Фортепиано үчүн «Үч кербез» түрмөгү студенттер арасында өткөн конкурста, биринчи орунга татыктуу болот.

Ал балдар ырларынан баштап, фортепианолук, хордук, камералык-аспаптык, көлөмдүү симфониялык чыгармаларды жараткан. Атап айтсак, балдар ырлары «Ай кең Мекен, кең Мекен», «Бабалардай болгум келет», фортепиано үчүн «Күү», «Терме», симфониялык «Балалыкты эскерүү», «Аталар», «Уркуя» деген чыгармалары.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз эли Нооруз майрамын кандай өткөрөт?
2. А. Жээнбай жөнүндө айтып бергиле.
3. «Жарамазан» ырын жаттагыла.

# КОҢШУ ЭЛДЕРДИН МУЗЫКАСЫ



Кыргыз эли менен коңшулаш жашашкан элдердин (казак, өзбек, тажик түркмөн) тилдери, дини, каада-салттары, бири-бирине өтө жакын. Ошондуктан алардын маданияты менен өнөрүндө жана музыкалык аспаптарында көптөгөн окшоштуктар кездешет. Алсак, музыкалык аспаптарына комуз, домбра, дутар, аса таяк, дауылпас, добулбас, доол, добыл, кыл кыяк, кобыз, шаң кобыз, темир ооз комуз, сурнай, зурнай, керней, карнай, чоор, най сыяктуулар кирет.

## КАЗАК ЭЛИНИН МУЗЫКАСЫ

Казак элинин музыкасы эзелтеден бери жашап, элдин тарыхын, аздектүү өмүрүн калтырбай, баяндап келе жаткан ыр менен күүлөрү болуп эсептелет. Элдик ырчыларды – жырау, жаршы, кюйши, акын, салы, серэ деп коюшчу. Курмангазы, Даулеткерей, Таттимбей, Казанган, Дина, Биржан, Ахан, Кенен Азарбаев сыяктуу залкар музыканттар казак эле эмес, бүткүл элдик музыкалык маданиятына кеңири таралды. Алар жөнөкөй элди музыка дүйнөсү менен тааныштырды. Домбра күүлөрүнүн көп үлгүлөрүн уга алабыз. Алардын бири атактуу композитор Н. Тилендиевдин «Ата толгау» күүсү да угуучулардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон.



## Эки бир тууган

Илгери-илгери Алтайда эки бир тууган ага-ини жашаган экен. Инисинин домбрасы болуп, ал анда ойногонду жакшы көргөн. Ал домбрада ойноодон башка эч нерсеге кызыкпайт. Домбрада ойногондо ал айланасында болуп жаткан нерселердин баарын унутуп койчу экен. Ал эми, улуу агасы болсо, намыскөй, өзүн башкалардан жогору көргөн адам болгон. Арадан бир нече күн өтөт. Күндөрдүн биринде, ал атын чыгарыш үчүн чоң сууга көпүрө салууну чечет. Кичүүсү



домбрасын колуна алып ойноп, агасына жардам берүүнү ойлоп да койгон жок. Ызаланган агасы инисинин колунан домбрасын жулуп алып, аскага чаап, сындырат. Музыканын үнү өчсө да, аскада анын сынган калдыктары калат.

Андан бери көп жылдар өтөт. Эл ичинен чыккан таланттар, сынган домбранын калдыктарын аскадан таап, аны жаңылап жасашат. Бүгүнкү күнгө чейин, аны сактап, күү берметтерин төгүп чертишип, өнүктүрүп келишти.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Казак элинин музыкасы жөнүндө кыскача айтып бергиле. Кандай музыкалык аспаптары бар?
2. Композитор Н. Тилендиевдин «Ата толгау» күүсүн уккула.
3. «Эки бир тууган» уламышын окуп, айтып бергиле.